Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИШКАНАЛАРЫНЫН ФИНАНСЫСЫ

## 2013-2017

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# ИШКАНАЛАРЫНЫН ФИНАНСЫСЫ

## 2013 - 2017

**Жылдык басылма**

Бишкек 2018

**УДК 334**
**ББК 65.9 ( 2 Ки ) 26**
**Ф 59**

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - А. Султанов
Мүчөлөр: - Н. Чуйков
А. Оросбаев
- Л. Текеева
- А. Шакулов
- Ч. Турдубаева
- Э. Исенкулова
- В. Бирюкова

**Ф59 Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы: 2013-2017. – Б.;**
Улутстатком Кырг. Респ., 2018. – 225 б.
ISBN 978-9967-26-841-8

***Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы-2013-2017*** басылмасы 2013-2017-жылдардагы экономиканын реалдуу жана финансы секторлорунун ишканаларынын финансылык көрсөткүчтөрүнүн талдоосун камтыйт. Тиркемелерде экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жылдык динамика менен статистикалык таблиицалар, аларга кыскача методолгиялык түшүндүрмөлөр жана Улутстаткомдун 2019-жыл үчүн басылмаларынын графиги келтирилген.

Жыйнак мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары, ишканалардын жана уюмдардын финансылык-экономика кызматынын кызматкерлери, илимий, ишкердик жана банктык чөйрөлөр, профессордук-окутуучулук курам, экономикалык жогорку окуу жайлардын аспиранттары жана студенттери, башка кызыкдар пайдалануучулар үчүн арналган.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланууда, маалымат тарамдарына, кагаз түрүндө, магниттик жана башка алып жүрүүчүлөрдө жайылтууда керектөөчүлөр анын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Мамлекеттик статистика жөнүндө” Мыйзамдын 17-беренеси).

Басылма электрондук сактагычтарда да бар.
Жыл сайын чыгарылат.

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2018-жылдын 30-августу.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;
... маалымат жок;
0,0 анча чоң эмес өлчөм.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

УДК 334
Ф 0605010204-12
ББК 65.9(2Ки)26
ISBN 978-9967-26-841-8
интернет: www.stat.kg
e-mail: nsc_mail@stat.kg
© Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, 2018

# Улуттук статистика комитетинин башка негизги басылмалары

**“Кыргызстан сандарда”**

Ыкчам маалыматтардын негизинде өлкөнүн 2017-ж. социалдык-экономикалык абалын мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөр мурдагы жылдар менен салыштырылып берилди. Калк, анын жумуштуулугу жана жашоо деңгээли, социалдык чөйрөнүн өнүгүүсү, ошондой эле экономиканын айрым тармактарынын абалдары жөнүндө маалыматтар берилди. Жыйнак ишканалардан, уюмдардан, калктан каттоолорду, тандалма изилдөөлөрдү жана башка статистикалык байкоолордун түрлөрүн өткөрүү жолу менен алынган маалыматтардын, Кыргыз Республикасынын министрликтеринин жана ведомстволорунун маалыматтарынын негизинде даярдалды. Тиражы: 120 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы - 2013-2017”**

Жалпысынан республика жана анын региондору боюнча такталган дайындарга негизделген кеңири маалыматты камтыйт. Социалдык чөйрө, илим жана инновациялар, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар, баалар жана тарифтер жөнүндө дайындар көрсөтүлдү. Улуттук эсептер тутуму, республиканын чарба жүргүзүүчү субъектилери, чакан жана орто ишкердик, инвестициялар жөнүндө маалыматтар камтылды. Экономиканын айрым тармактарындагы абал чагылдырылды. Тышкы экономикалык ишмердик республиканын төлөм теңдеми жана тышкы соодасы жөнүндө маалыматтар менен берилди. Тиражы: 80 нуска.

**“2016 жылдагы Кыргыз Республикасынын товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрөн өндүрүүнүн жана пайдалануунун тармактар аралык тендеми (“чыгымдар –чыгарылыш” таблицалары).** Негизги жана сатылып алынган бааларда товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча таблицалар, негизги жана сатылып алынган баалардагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн агымдарынын ырааттуулугу жана башка маалыматтар (“Чыгымдар-Чыгарылыш” таблицалары). Тираж 20 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын социалдык тенденциялары”**

Бир нече жылдардын ичиндеги республиканын социалдык чөйрөсүндө болуп жаткан көрүнүштөрдү жана процесстерди толук чагылдыруучу аналитикалык басылма. Басылмага түшүндүрүүчү текст менен толукталган 70тен ашык график жана 100гө жакын таблица камтылган. Берилген маалыматтар эл аралык методологияга ылайык эсептелди. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери - 2013-2017”**

Улуттук эсеп тутумундагы көрсөткүчтөрдү түзүүнүн жана өз ара байланышуунун принциптери, негизги түзүмдөрү жана алардын айрым компоненттери баяндалат, республиканын ички дүң продуктун өндүрүү, түзүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу жөнүндөгү жалпыланган маалыматтарды камтыган эсеп тутуму берилет. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы - 2013-2017”**

Жыйнак административдик-аймактык түзүлүш, калктын санынын өзгөрүлүшү, жыныстык-курактык жана улуттук курам, Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча жайгашышы тууралуу, төрөт жана өлүм, никелешүү жана ажырашуу, миграциясы ж.б. жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Тираж 85 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын өнөр жайы - 2013-2017”**

Басылмада 2017-ж. өнөр жайдын жалпы республика боюнча өнүгүшүн мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөр мурдагы жылдарга салыштырылып берилди. Продукциянын айрым түрлөрүнүн өндүрүлүшү жана аймактар боюнча маалыматтар берилди.

Тиражы: 55 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы - 2013-2017”**

Көрсөтүлгөн мезгилде айыл чарбасында түзүлгөн тенденциялардын талдоосун камтыйт. Айыл чарба продукциясынын республика жана аймактар боюнча өндүрүлүшү жана сатып өткөрүлүшү жөнүндө маалыматтар берилди. Тиражы: 60 нуска.

**“Кыргыз Республикасындагы инвестициялар - 2013-2017”**

2017-ж. республиканын инвестициялык жана курулуш ишмердиги боюнча статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырып берилди. Тиражы: 55 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу - 2013-2017”**

Жыйнакта Кыргыз Республикасынын жана региондорунун ички соодасынын абалы жөнүндө статистикалык маалыматтар, ошондой эле методологиялык түшүндүрмөлөр берилди. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиялары - 2013-2017”**

Жалпысынан республика жаан анын региондору боюнча юридикалык жактардын маалыматтык-коммуникациялык технологияларынын абалын жана пайдаланылышын талдоону камтыйт. Тиркемелерде экономикалык ишмердиктин түрлөрү жана менчик формалары боюнча МКТнын абалы туурасында толук маалыматтар берилди. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы - 2013-2017”**

Мезгилдеги тышкы сооданын өнүгүшүндө түзүлгөн тенденциялардын талдоосун камтыйт. Тиркемелерде кеңири статистикалык маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилди. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо дэңгээли - 2013-2017”**

Улутстатком тарабынан үй чарбаларга жыл сайын өткөрүлүүчү текшерүүлөргө ылайык, кедейчилик көрсөткүчтөрүнүн, калктын кирешелери жана чыгымдары, тамактануунун энергетикалык баалуулугу жөнүндө маалыматтардын талдоосун камтыйт. Калкты социалдык жактан камсыздоо жөнүндө маалыматтар көрсөтүлдү. Тиркемелерде кеңири статистикалык маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилди. Тиражы: 120 нуска.

**“Иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук”**

Басылма 2017-ж. өткөрүлгөн үй чарбалардын бюджеттерине жана жумушчу күчүнө интеграциялык тандалма изилдөө жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча даярдалды. Аймагы, жынысы, билим деңгээли, экономикалык ишмердигинин түрү, иштеген жумушу ж.б. боюнча бөлүштүрүлгөн экономикалык активдүү, иштеген жана жумушсуз калк жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Тиражы: 55 нуска.

**“Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкерлик - 2013-2017”**

Чакан жана орто ишканалардын, дыйкан (фермер) чарбаларынын жана жеке ишкерлердин ишмердиктеринин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтар берилди. Тиражы: 65 нуска.

**“Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиги - 2013-2017”**

2017-ж. чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиктеринин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча кыскача талдоо жана статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырылып берилди. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер”**

Калктын саны жана түзүмү, жашоонун узактыгы, оорулар, билим берүү, экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жумуштуулук, башкаруу органдарындагы өкүлчүлүк жөнүндө маалыматтар гендерлик өңүттө берилди. Тиражы: 50 нуска.

**“Кыргызстандагы туризм - 2013-2017”**

Республикадагы туризм чөйрөсүндөгү жумуштуулук, туристтердин агымы, эс алуу кызмат көрсөтүүлөрү жана туризм мекемелер тарамы жөнүндө маалыматтар берилди. Тиражы: 70 нуска.

**“Кыргыз Республикасындагы айлана-чөйрө - 2013-2017”**

Жыйнакта айлана-чөйрөнүн абалын, ага экологиялык таасир этүүнүн динамикасын, ошондой эле аны коргоо боюнча жүргүзүлгөн иш-чараларды мүнөздөгөн маалыматтар берилди. Тираж 70 нуска.

# Мазмун бет

**Баш сөз** 5

**2013-2017-жылдардагы Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы** 6

**1-тиркеме: Таблицалар** 21

| | | |
|---|---|---|
| **I.** | **ЭКОНОМИКАНЫН ИШКАНАСЫ** | 27 |
| **А.** | Ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрү | 28 |
| **Б.** | Ишканалардын саны | 29-32 |
| | Ишканалардын активдери, милдеттенмелери жана капиталы | 33-36 |
| **В.** | Ишканалардын пайдасы жана чыгашалары | 37-40 |
| **Д.** | Ишканалардын түшкөн каражаты (дүң киреше) | 41 |
| **II.** | **ЭКОНОМИКАНЫН РЕАЛДУУ СЕКТОРУНУН ИШКАНАСЫ** | 43 |
| | **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча ишканалардын ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү** | |
| **А.** | Ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрү | 44-81 |
| **Б.** | Ишканалардын активдери, милдеттенмелери жана капиталы | 82-120 |
| **В.** | Ишканалардын пайдасы жана чыгашалары | 121-126 |
| **Г.** | Товардык-материалдык баалуулуктардын камдыктары | 127-130 |
| **Д.** | Продукцияларды иштетүү жана ишканалардын карыз абалы | 131-145 |
| **Е.** | Ишканалардын ишкер активдүүлүгүнүн, майнаптуулугунун жана төлөм жөндөмдүүлүгүнүн айрым көрсөткүчтөрү | 146-157 |
| **Ж.** | Продукцияларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө кеткен чыгымдардын түзүмү | 158-177 |
| **З.** | Корпоративдик баалуу кагаздарды чыгару жана жайгаштыруу | 178-181 |
| **III.** | **ЭКОНОМИКАНЫН ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ИШКАНАСЫ** | 183 |
| **А.** | Финансы ишканаларынын ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү | 184-200 |
| **Б.** | Финансы ишканаларынын активдери, милдеттенмелери жана капиталы | 201-207 |
| **IV.** | **КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАР** | 209 |
| **А.** | Коомдук уюмдар | 210-211 |

**2-тиркеме: Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр** 213

**3-тиркеме: Улуттук статистика комитетинин 2019-жыл үчүн басылмаларынын графиги** 223

## ***Баш сөз***

***«Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы-2013-2017»*** статистикалык жыйнагы 2013-2017-жылдардагы экономканын реалдуу жана финансы сеторлорунун ишканаларынын ишмердигинин финансылык көрсөткүчтөрүнүн кыскача талдоосун, экономикалык ишмердиктин түрлөрү жана аймактар боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт.

Жыйнак мамлекеттик статистикалык отчёттуулуктун жана административдик маалыматтардын негизинде даярдалды.

Жыйнактын бөлүмдөрү экономиканын секторлоруна: реалдуу сектордун, финансылык сектордун ишканасына жана үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдарга ылайык жайгаштырылды.

Басылмада ишканалардын жана экономиканын тармактарынын финансылык абалын, камсыздандыруу компанияларынын, инвестициялык фонддордун жана фондулук биржалардын финансылык-насыя тутумдарын мүнөздөгөн статистикалык маалыматтарга кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр келтирилди.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин финансы статистикасы бөлүмүнүн адистери тарабынан даярдалды.

## Кыргыз Республикасынын ишканаларынын 2013-2017-ж.ж. финансылары

2017-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасында ишканалардын ишмердиги иштеп жаткан ишканалардын санын өсүшү, дүӊ кирешенин өсүшүнүн оӊ темптерин сактоо, материалдык базасын бекемдөө, рентабелдүү ишканалардын санын өсүшү, ошондой эле жылдын жыйынтыктары боюнча оӊ сальдолонгон финансылык натыйжа (киреше) алуу менен мүнөздөлгөн.

2017-жылдын аягына карата абалы боюнча Кыргыз Республикасында финансылык-чарбалык ишмердиктерди 17,9 миӊ ишкана (уюм) жүргүздү. Алардын негизги саны - 17188 ишканалар (экономика ишканаларынын жалпы санынын 96,2 пайызы) экономикалык финансылык эмес (реалдуу) секторуна, 668 уюмдардын (3,8 пайызы) – финансылык секторуна туура келди.

2017-жылдын экономика ишканаларынын жалпы чейрек саны соода чөйрөсүнө, 14,2 пайызы – өнөр-жай, 11,6 пайызы - кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик, 10,9 пайызы – курулуш тармагына туура келген.

Беш жылдын ичинде иштеп жаткан ишканалардын саны 2,2 миӊге көбөйдү, алардын кирешесинин көлөмү 44,7 пайызга, негизги каражаттардын наркы – дээрлик 2 эсеге өстү.

Экономика ишканаларынын продукциясын сатуудан түшкөн кирешелердин (дүӊ кирешенин) көлөмү 2017-ж. 440405,3 млн. сомду түздү. Дүӊ кирешенин негизги үлүшү - жалпы көлөмдүн 92,2 пайызы - реалдуу сектордун ишканалары, ал эми 7,8 пайызы – финансылык сектордун уюдары тарабынан түзүлгөн.

**1-график. 2017-жылы ишканалардын иштин кирешелеринин (дүӊ кирешенин) түзүмү**

*(экономика ишканаларынын кирешелеринин жалпы санына карата пайыз менен)*




Тармактарга бөлгөндөгү кирешенин негизги көлөмү иштетүү өнөр жай ишканаларына, курулуш уюмдарына, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (жабдуу), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу ишканаларына, соода чөйрөсү, транспорт жана байланыш, пайдалуу кенди казуу боюнча ишканаларына туура келди.

2017-жылдын жыйынтыктары боюнча экономика ишканалары тарабынан оӊ салдолонгон финансылык жыйынтык 33616,6 млн. сом өлчөмүндө киреше алынды, бул өткөн жылдын кирешесинин көлөмүнөн 36,8 пайызга аз. Рентабелдүү ишканалардын салыштырмалуу салмагы 38,1 пайыз деӊгээлинде аныкталды, ал эми чыгашанын үлүшү иштеп жаткан ишканалардын жалпы санынын 23,5 пайызын түздү.

## *Реалдуу сектор*

2017-жылы экономиканын реалдуу секторунун ишканалары тарабынан ***продукцияларды, товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн киреше (дүң киреше)*** 406293,6 млн. сом алынган. Мурунку жылга салыштырмалуу кирешенин көлөмү 16,0 пайызга (56144,0 млн. сомго) көбөйдү, ал эми 2013-ж.салыштырмалуу – 44,3 пайызга (124726,6 млн. сомго) көбөйгөн. Негизинен, өткөн жылдагы дүң кирешенин өсүүсү курулуш (15721,3 млн.сомго), пайдалуу кендерди казуу (6994,1 млн.), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (5618,1 млн.), электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) (5460,4 млн.), негизги метал жана даяр метал буюмдарын өндүрүү (5397,2 млн.), мунайзат продуктуларын өндүрүү (4726,4 млн. сому) ишканаларында камсыз болду.

Дүң кирешенин көлөмүнүн төмөндөөсү акыркы 3 жыл бою байланыш уюмдарында (бир жылдын ичинде орточо 2 млрд. сом) белгиленди.

2013-2017-жж. аралыгында продукцияларды сатуудан түшкөн кирешенин басымдуу үлүшү өнөр жай ишканалары (орточо 60 пайызга жакыны) тарабынан түзүлдү. Ошондой эле дүң кирешенин олуттуу көлөмдөрү курулуш, байланыш, соода, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо ишканаларына, ошондой эле пайдалуу кендерди казуу ишканаларына туура келет.

***Продукцияларды өндүрүүгө жана сатууга карата ишканалардын чыгымдары*** 2017-ж. өткөн жылга салыштырмалуу 13,2 пайызга же 41387,6 млн. сомго көбөйүү менен 355114,5 млн. сомду түздү.

Өткөн беш жылдын ичинде кирешенин көлөмү боюнча операциялык ишмердиктен (продукцияларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүдөн жана сатуудан) эң жакшы жыйынтык 2017-ж. – 51179,0 млн. сомго жеткен, бул 2016-ж. караганда 40,5 пайызга көп.

Сальдоштурулган финансылык жыйынтыкка ишканалардын операциялык эмес ишмердиктеринин жыйынтыктары олуттуу таасирин тийгизет. Акыркы өткөн беш жылдын ичинде ишканалардын ***операциялык эмес ишмердиктери*** чыгашалуу болгон, 2016-ж. башка жылдары, анда киреше 10509,0 млн. сом өлчөмүндө алынган. өткөн жылдын жыйынтыктары боюнча 23921,5 млн. сом чыгым тартылган, бул чет өлкө валютасы менен болгон операциялар боюнча терс курстук айырмачылыктар (сомдун долларга карата болгон төмөндөөсүнө байланыштуу) жана төлөөгө карата пайыздардын өсүшү менен шартталды.

2017-ж. операциялык эмес ишмердиктен алынган олуттуу чыгымдар, электр энергиясын өндүрүү, берүү жана бөлүштүрүү боюнча (12784,1 млн.сом), ошондой эле негизги металлдарды өндүрүү боюнча (4431,1 млн. сом) ишканалар тарабынан алынды.

Операциялык жана операциялык эмес ишмердиктерден ишканалардын суммардык финансылык жыйынтыктары ***оң сальдоштурулган финансылык жыйынтыкты*** түзгөн, анын көлөмү 2017-ж. 27241,4 млн. сом киреше түздү. Баланстык кирешенин негизги көлөмү негизги металлдардын жана даяр металл буюмдарын өндүрүү боюнча -15550,9 млн. сом, соода уюмдары – 6958,9 млн. сом, байланыш уюмдары - 4966,0 млн., транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо ишканалары -3987,8 млн. сом, пайдалуу кендерди казуу өндүрүшү боюнча – 2728,4 млн. сом алынган. Электр энергиясын өндүрүү, берүү жана бөлүштүрүү боюнча ишканалар - 8601,4 млн. сом, кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (анын ичинде геологиялык чалгындоо) ишмердик жүргүзүүчү уюмдар - 4990,8 млн. сом, кокс өндүрүшү жана тазаланган нефть продукттарын өндүрүүчү ишканалар тарабынан - 2031,9 млн. сом чыгымдарга жол берилген.

Экономиканын реалдуу секторунун рентабелдүү ишканаларынын үлүшү 2017-ж. 37 пайызды түздү, ал эми алар тарабынан алынган кирешенин суммасы – 58773,3 млн. сомду түздү. Чыгым тарткан ишканалардын үлүшүнө ишканалардын жалпы санынан 23,7

пайызы туура келди, ал эми алар тарткан чыгымдардын суммасы 31531,9 млн. сомду түздү.

2017-жылы аймактар боюнча бөлүнүшүндө оң сальдолонгон финансылык жыйынтыктар, Жалал-Абад жана Талас облусунан, ошондой эле облустук бөлүнүштөгү эмес ишканалардан[1] башка, бардык региондор тарабынан алынган.

Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын ишмердиктеринин талдоосунун көрсөткүчтөрү алардын операциялык ишмердиктери рентабелдүү болгондугу жана 2017-жылы анын деңгээли 14,4 пайызды түзгөндүгүн күбөлөндүрүп турат. Ишканалардын финансылык-чарбалык ишмердигинин рентабелдүүлүгү, өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу эки эсеге төмөндөө менен 7,7 пайыз деңгээлинде түзүлдү. Ишканалардын оң сальдолоштурулган финасылык натыйжасы 3,25 пайыз өлчөмүндө - активдердин кирешелүүлүк деңгээлин, 9.87 пайыз - капиталдын кирешелүүлүк (рентабелдүүлүк) деңгээлин алууга мүмкүндүк берди.

**2-График. Ишканалардын ишмердиктеринин рентабелдүүлүгү**

*(пайыз менен)*




2017-ж. аягына карата ***товардык-материалдык камдыктардын (запастардын)*** көлөмү бир жылда 8,5 пайызга же 12480, 5 млн. сомго көбөйүү менен 159131,4 млн. сомду түздү. Бүткөрүлбөгөн өндүрүштөн башка, 2017-ж. запастардын бардык түрлөрү боюнча калдыктардын өсүшү байкалды. Эң көп өсүш өндүрүштүк запастардын калдыктары боюнча (10375,1 млн. сомго) жана товарлардын калдыктары боюнча (4691,5 млн. сомго) белгиленди. Негизинен, запастардын (камдыктардын) калдыктарынын өзгөрүшү иштетүү өнөр жай ишканалары, курулуш жана пайдалуу кенди казуу ишканаларында камсыз болду.

2017-ж. товардык-материалдык баалуулуктардын камдыктарынын 30,4 пайызы алып сатуу үчүн товарлардын үлүшүнө, өндүрүштүк запастарга – 27,3 пайызы, бүткөрүлбөгөн өндүрүшкө – 22,2 пайызы, даяр продукцияларга – 10,8 пайызы жана көмөкчү материалдардын камдыктарына – 9,3 пайызы туура келген.

2017-ж. тармактык түзүмдө камдыктардын негизги үлүшү соода (камдыктардын жалпы көлөмүнөн 29,4 пайызы) ишканаларына, курулуш уюмдарына (19,7 пайызга), негизги металлдарды жана даяр металл буюмдарын өндүрүү боюнча ишканларына (18,3

[1] Республиканын региондору боюнча жана консолидацияланган отчет берүүчү филиалдардын жайылган тору бар электр энергетикасы, газ менен камсыз кылуу, соода чөйрөсүндөгү ири ишканалар - облустук бөлүнүштөгү эмес ишканалар (бирикмелер).

пайызы), ошондой эле пайдалуу кендерди казуу ишканаларына (7,6 пайызы) туура келген.

**1-Таблицасы: Ишканалардын товардык-материалдык баалуулуктардын камдыктарынын (запастарынын) түзүмү**

*(пайыз менен)*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| Товарлар | 32,0 | 32,5 | 29,3 | 29,7 | 30,4 |
| Өндүрүштүк запастар | 27,4 | 27,2 | 26,4 | 22,5 | 27,3 |
| Бүткөрүлбөгөн өндүрүш | 19,8 | 23,0 | 25,5 | 27,6 | 22,2 |
| Даяр продукциялар | 7,8 | 8,4 | 9,6 | 10,3 | 10,8 |
| Көмөкчү материалдардын запастары | 13,0 | 8,9 | 9,2 | 9,9 | 9,3 |

2017-жылы товардык-материалдык камдыктардын айланымдуулугу бир жылда 3,1 эсени, ал эми запастарды сактоонун орточо мезгили – 118 күндү түздү. Запастардын айланымдуулугунун жогорку деңгээли байланыш ишканаларында, транспорт ишмердигинде жана жүктөрдү сактоо, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) боюнча ишканаларда, суу менен жабдуу, калдыктарды иштетүү жана кайра иштетүү, билим берүү ишканаларында байкалды.

2017-жылдын аягына карата республиканын экономикасынын реалдуу секторунун ишканаларынын ***дебитордук карызы*** 2016-ж. тийиштүү мезгилинин көлөмүнө салыштырмалуу 5,6 пайызга же 7298,8 млн. сомго кыскарып, 122615,4 млн. сомду түзгөн, ал эми 2013-ж. салыштырганда ал – 1,4 эсеге же 33702,1 млн. сомго көбөйгөн.

2017-жылы мурдагы жылга салыштырмалуу электр энергиясынын өндүрүү, аны берүү жана бөлүштүрүү боюнча ишканаларда - 18607,6 млн. сомго, ошондой эле негизги металлдар жана металлдан жасалган буюмдардын өндүрүшү боюнча - 935,7 млн. сомго дебитордук карыздын кыскарышы белгиленди.

Ушул эле салыштырмалуу мезгилде дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо ишканалары, иштетүү өнөр жайы, курулуш, кесиптик, илимий жана техникалык ишмердиктер, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо ишканалары, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) боюнча ишканалары тарабынан дебитордук карыздын жылдык өсүшү камсыз болгон. Негизинен, курулуш уюмдарында (3717,2 млн. сомго), дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо ишканаларынын (2883,0 млн. сомго), башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү ишканаларынын (2163,9 млн. сомго) жана пайдалуу кендерди казуу ишканаларында (1292,5 млн. сомго) дебитордук карыздын өсүшү жүргөн.

Дебитордук карыздын жалпы көлөмүндөгү эң чоң үлүшү дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо (27,4 пайызы), иштетүү өндүрүшүндөгү (18,4 пайызы), курулуш (10,1 пайызы), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердиктер (9,9 пайызы), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо ишканаларынын (9,1 пайызы), электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) (8,9 пайызы) ишканаларынын карызына туура келди.

Республиканын ичиндеги ишканалардын карыздарынын көлөмү 95642,1 млн. сомду (карыздардын жалпы көлөмүнүн 78,0 пайызын), КМШдан тышкары өлкөлөр – 14255,5 млн. (11,6 пайызды), КМШ өлкөлөрү - 12717,8 млн. сомду (10,4 пайызды) түздү. КМШ өлкөлөрүнүн ортосунда негизги өнөктөштөр болуп, Россия (7027,0 млн. сом), Казакстан (4238,1 млн. сом), Тажикстан (637,5 млн.) жана Өзбекстан (600,8 млн. сом) болуп саналышты.

2017-жылдын аягына карата ***дебитордук карыздар боюнча карыздарды төлөө*** 3332,8 млн. сом суммасында төлөө мөөнөтү өтүп кеткен, бул 2013-ж. көлөмүнөн 3,7 эсеге аз. Мөөнөтүнөн өткөн карыздын үлүшү анын жалпы көлөмүнүн 2,7 пайызды түздү, ушул эле учурда өткөн беш жыл ичинде ал 11,3 пайыздык пунктка кыскарды.

Дебитордук карыздардын мөөнөтү өткөн негизги үлүшү (70,3 пайызы) республикалык ички эсептешүүлөргө туура келген, ал эми анын көлөмүнүн 11,4 пайызы - КМШдан тышкары өлкөлөрдүн керектөөчүлөрүнө туура келген.

Тармактар боюнча бөлүнүшүндө мөөнөтү өткөн карыздардын олуттуу көлөмү электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) ишканаларына −1707,8 млн. сом же дебитордук карыздын жалпы көлөмүнүн 51,2 пайызы туура келген.

**График 3: Ишканалардын дебитордук карызы**




2017-жылдын аягына карата ***кредитордук карыз***, бул 2013-ж. көлөмүнө салыштырганда 1,9 эсеге көбөйүү менен 201326,9 млн. сом өлчөмүндө аныкталды. 2016-ж. көлөмүнө салыштырганда, кредитордук карыздын өсүшү −15044,0 млн. сомду же 8,1 пайызды түздү.

Негизинен, 2013-жылдан 2017-жылга чейинки мезгилде карыздардын туруктуу өсүшү дүң жана чекене соода, курулуш, иштетүү өндүрүшүндө, пайдалуу кендерди казуу, кыймылсыз мүлк менен байланышкан операциялар боюнча уюмдарда белгиленген.

2017-жылы 2016-ж. салыштырмалуу кредитордук карыздын олуттуу өсүшү электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) ишканаларында (6209,0 млн. сомго), пайдалуу кендерди казуу ишканаларында (4457,0 млн.), кыймылсыз мүлк менен байланышкан операциялар боюнча (3682,0 млн. сомго), дүң жана чекене соода (на 3537,7 млн. сом), курулуш (2387,6 млн. сом) өндүрүү боюнча ишканаларында белгиленди.

Ушул эле мезгилде байланыш уюмдарынын карыздары (3099,9 млн. сомго), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (1018,1 млн.сомго), тазаланган кокс жана нефть продукттарын өндүрүү боюнча ишканаларынын (810,8 млн.), текстиль өндүрүшү жана кийим жана бут кийим өндүрүшү, булгаары жана булгаарыдан жасалган башка буюмдарды өндүрүү ишканаларынын (698,9 млн. сому) карыздары азайган.

2017-жылдын аягына карата абалы боюнча кредитордук карыздын түзүмүндөгү карыздардын эң чоң салыштырма салмагы дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо (21,7 пайыз), курулуш (18,5 пайыз), иштетүү өнөр жай (15,5 пайыз), пайдалуу кендерди казуу (14,1 пайызы), транспорт ишмердиги жана жүктөрду сактоо (6,4 пайыз) жана байланыш ишканаларынын (5,3 пайызы) карыздарына туура келген.

2017-жылы кредитордук карыздын жалпы көлөмүнүн 75 пайызга жакыны республиканын ички поставщиктеринин карыздарына туура келген. КМШ өлкөлөрү менен өз ара эсептешүүлөрүнүн үлүшү 5,2 пайызды, ал эми КМШдан тышкаркы өлкөлөрдүн ишканалары менен – 20,4 пайызды түзгөн.

**График 4: Ишканалардын кредитордук карызы**




***Мөөнөтү өткөн кредитордук карыздардын*** көлөмү бир жыл ичинде 10,6 пайызга азайды жана 2017-жылдын аягына карата, 5732,7 млн. сомду (кредитордук карыздын жалпы көлөмүнүн 2,8 пайызын) түздү. Мөөнөтү өткөн карыздардын негизги суммалары ишитетүүү өнөр жай ишканалары тарабынан жаралды, алардын үлүшүнө жалпы көлөмдүн 53,1 пайызы (3043,6 млн. сом) жана курулуш 19,0 пайызы (1091,6 млн. сом) туура келген.

2017-жылдын аягына карата ***банктардын кредиттери жана зайымдары боюнча карызы*** өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу салыштырмалуу 3,5 пайызга кыскаруу менен 340241,4 млн. сомго жетти, ал эми 2013-ж. аягына карата ал, тескерисинче, 1,9 эсеге же 160997,2 млн. сомго көбөйгөн.

2017-ж. пайдалуу кендерди казуу (7644,9 млн. сомго), электр энергиясын өндүрүү (иштеп чыгаруу), аны берүү жана бөлүштүрүү (5839,7 млн. ), байланыш (4753,8 млн.), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (4621,9 млн. сомго) ошондой эле дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо (2444,1 млн. сомго) ишканаларында карыздардын негизги төмөндөгөнү байкалган.

Банктардын кредиттери жана зайымдары боюнча карыздардын эң эле олуттуу суммалары жана, тиешелүүлүгүнө жараша, карыздардын эң чоң салыштырма салмагы электр энергиясын өндүрүү (иштеп чыгаруу), аны берүү жана бөлүштүрүү –86905,5 млн. (карыздардын жалпы көлөмүнүн 25,5 пайызы), иштетүүчү өнөр жай – 68954,0 млн. (20,3 пайызы), кесиптик, илимий жана техникалык иштер (геологиялык чалгындоону кошкондо) – 51574,6 млн. сому (15,2 пайызы), пайдалуу кендерди казуу – 41067,5 млн. (12,1 пайызы), дүң жана чекене соода, автоунааларды жана мотоциклдерди ондоо боюнча ишканаларына – 31050,7 млн. сому (9,1 пайызы) туура келген.

2017-ж. банктардын кредиттери жана зайымдары боюнча карыздарын басымдуу көлөмү – 216998,6 млн. сом же анын жалпы көлөмүнүн 63,8 пайызы - КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн алынган карыздардын эсебинен калыптанган. Республиканын ичиндеги кредиттерге карыздардын жалпы суммасынын төрттөн бир бөлүгү (28,4 пайызы же 96659,7 млн. сому) туура келген. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен негизги кредиторлор Россия (16477,1 млн. сому же карыздардын жалпы көлөмүнүн 4,8 пайызы) жана Казакстан (10004,5 млн. сому же 2,9 пайызы) болгон.

***Банктардын кредиттери жана зайымдары боюнча мөөнөтү өткөн карыздар*** 2018-ж. 1-январына карата карыздардын жалпы көлөмүнүн 1,0 пайызын же 3541,8 млн. сомду түздү. Мөөнөтү өткөн карыздардын көлөмүнүн үчтөн бир бөлүгү металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүү (анын жалпы көлөмүнүн 33,8 пайызы), кыймылсыз мүлк менен операциялары боюнча -14,0 пайызы, курулуш ишканалары тарабынан - 12,7 пайызы түзүлдү.

2017-жылы ***экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын активдеринин жана пассивдеринин жыйынды наркы*** 2014-ж. салыштырмалуу 39,8 пайызга өстү (246447,3 млн. сомго) жана 866411,3 млн. сомго жетти. Активдүү бөлүктөгү жүгүртүү активдери 74090,7 млн. сомго (25,9 пайызга) көбөйдү, жүгүртүүдөн тышкаркы активдер - 172356,6 млн. сомго (1,5 эсеге) көбөйдү. Активдердин жалпы көлөмүндөгү жүгүртүү активдеринин үлүшү орточо эсеп менен 42 пайыздык деңгеелде, жүгүртүүдөн тышкаркы - 58 пайыздык деңгээлде калды. Пассивдүү бөлүгүндө, 2014-ж. салыштырмалуу Менчик капиталдын төмөндөшү менен милдеттемелердин үлүшү 1,5 пайыздык пунктка көбөйдү. Милдеттенмелер 178303,4 млн. сомго (1,4 эсеге), менчик капитал – 68143,9 млн. сомго (33,2 пайызга) көбөйдү.

Активдин наркынын өсүшүнүн негизги суммасын пайдалуу кендерди казуу ишканалары, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), иштетүү өнөр жай ишканалары, ошондой эле соода уюмары камсыздады.

2017-жылдын аягына карата экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын активдеринин жана пассивдеринин жыйынды көлөмү, негизинен, иштетүүчү өндүрүш - 27 пайызга же 233449,9 млн. сомго, электр энергиясын өндүрүү (иштеп чыгаруу), аны берүү жана бөлүштүрүү - 16 пайызга (141627,8 млн.сомго), дүң жана чекене соода; автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоо ишканалары – 13,0 пайызга (111246,6 млн.сомго), пайдалуу кендерди казуу боюнча ишканалары – 10,0 пайызга же (84262,8 млн. сомго), курулуш – 9 пайызга (75655,7 млн. сомго), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик уюмдары тарабынан – 8 пайызга (65800,2 млн. сомго) түзүлгөн.

## *Финансылык сектор*

Экономиканын финансылык секторунда 2017-ж. 668 уюм, анын ичинде Улуттук банк, 25 коммерциялык банк, 611 банктык эмес финансылык-кредиттик мекеме, 23 камсыздандыруу компаниясы, 6 инвестициялык фонд жана эки биржа иш жүргүздү.

Аларда эмгектенген жумушчулардын саны 19,2 миң адамды түздү. Республиканын аймактары боюнча финансылык сектордун уюмдары 618 филиалды түздү.

Экономиканын финансылык секторунун уюмдарынын кирешелеринин суммардык көлөмү 2017-ж. мурунку жылга салыштырмалуу бир аз (1,7 пайызга) төмөндөп, 34111,8 млн. сомду түздү. Бул салыштырылып жаткан мезгил ичинде чыгымдар 2,1 пайызга азайып, 27792,0 млн. сомду түздү.

Финансылык сектордун кирешелүү уюмдарынын үлүшү 2017-ж. жалпы сандын 65,4 пайызынын деңгээлинде аныкталды, ал эми чыгашалуу уюмдардын үлүшү – 19,2 пайыз. Жылдын жыйынтыгы боюнча экономиканын финансылык секторунда 6375,3 млн. сом суммасында оң сальдоштурулган финансылык жыйынтык алынды, бул мурунку жылга салыштырмалуу 59,7 млн. сомго көп.

Экономиканын финансылык секторунун уюмдарынын суммардык активдери жыл ичинде 10,1 пайызга же 34668,8 млн. сомго көбөйүп, 2017-ж. аягына карата 376905,5 млн. сомду түздү.

Милдеттенмелердин көлөмү жыл ичинде 10,2 пайызга (28075,6 млн. сомго) көбөйүп, 303564,0 млн. сомду түздү. Финансылык сектордун уюмдарынын капиталынын наркы жыл ичинде 73341,6 млн. сомду түзүп, 9,9 пайызга же 6593,3 млн. сомго өстү.

Активдердин, милдеттенмелердин жана капиталдын наркынын өсүшү экономиканын финансылык секторунун банктык сегменти жана микрокредиттик уюмдар менен камсыздалды.

**2-таблица: Финансылык сектордун уюмдарынын активдери, милдеттенмелери жана капиталы**

*(жылдын аягына карата, млн. сом)*

| | Активдер | | Милдеттенмелер | | Капитал | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 | 2016 | 2017 |
| **Бардыгы** | **342 236,7** | **376 905,5** | **275 488,4** | **303 564,0** | **66 748,3** | **73 341,6** |
| Улуттук банк | 147 714,7 | 161 109,5 | 123 536,6 | 135 494,6 | 24 178,1 | 25 614,9 |
| Коммерциялык банктар | 175 915,0 | 194 846,7 | 145 889,7 | 161 283,5 | 30 025,3 | 33 563,2 |
| Күрөөканалар | 828,4 | 857,3 | 362,2 | 363,8 | 466,2 | 493,5 |
| Кредиттик союздар | 1 315,4 | 1 287,2 | 490,0 | 479,7 | 825,4 | 807,5 |
| Микрокредиттик уюмдар | 12 458,8 | 14 323,9 | 4 449,4 | 5 165,1 | 8 009,4 | 9 158,8 |
| Камсыздандыруу уюмдары | 3 410,0 | 3 883,4 | 457,9 | 489,7 | 2 952,1 | 3 393,7 |
| Инвестициялык фонддор | 55,4 | 60,3 | 8,8 | 12,8 | 46,6 | 47,5 |
| Башка уюмдар | 539,0 | 537,2 | 293,8 | 274,8 | 245,2 | 262,5 |

Тендем беренелеринин басымдуу көлөмү банк сектору менен түзүлдү, 2017-ж. аягында мунун үлүшүнө финансылык сектордун суммардык активдеринин 94,4 пайызы, милдеттенмелердин – 97,8 пайызы жана капиталдын 80,7 пайызы туура келди.

***Коммерциялык банктар***. 2017-жылы республиканын финансылык секторунда 25 коммерциялык банк жана 330 алардын филиалдары иш жүргүздү. Аларда иштеген жумушчулардын саны 14,7 миң адамды түздү. Мындан сырткары үч коммерциялык банк жоюлуу процессинде турса, эки банктын иш жүргүзүүгө уруксат берилген лицензиясы чакыртылып алынды.

Коммерциялык банктардын кирешелери 2017-ж. мурунку жылга салыштырмалу 1,6 пайызга (376,6 млн. сомго) көбөйүп, 24563,5 млн. сомду түздү. Кирешелердин түзүмүндө пайыздык кирешелердин үлүшү 78,0 пайызды (19161,8 млн. сом), пайыздык эмес кирешелердин үлүшү 22,0 пайызды (5401,7 млн. сом) түздү. Пайыздык кирешелердин негизги суммасы (пайыздык кирешелердин жалпы көлөмүнүн 17524,5 млн. сому же 91,5 пайызы) кардарларга берилген кредиттерден алынган пайыздар менен түзүлдү. Пайыздык эмес кирешелер комиссиялык кирешелердин (3499,3 млн. сом же 64,8 пайыз) чет өлкөлөрдүн валюталары менен жүргүзүлгөн операциялардан түшкөн түшүүлөрдүн (1653,6 млн. сом же 30,6 пайыз) эсебинен түзүлдү.

2017-жылы чыгымдар 2016-ж. салыштырмалуу 3,7 пайызга же 842,7 млн. сомго азайып, 22201,1 млн. сомду түздү. Пайыздык кирешелердин 17,2 пайызга (1593,9 млн. сомго) төмөндөгөнү белгиленсе, операциялык чыгымдар тескерисинче 5,5 пайызга (751,1 млн. сомго) өстү. 2017-жылы мурунку жылга салыштырмалуу операциялык чыгымдардын үлүшү 5,7 пайыздык пунктка көбөйгөн жана жалпы чыгымдардын 65,4 пайызын (14519,1 млн. сом) түздү. Ушул салыштырылып жаткан мезгил ичиндеги пайыздык кирешелердин үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша 40,3 пайыздан 34,6 пайызга чейин төмөндөп, 7681,9 млн. сом суммасында аныкталды.

2017-жылдын жыйынтыгы менен 20 банк пайда алса (3021,5 млн. сом суммасында), беш банк чыгаша тарткан (642,8 млн. сом). Сальдоштурулган финансылык жыйынтык 2378,7 млн. сом пайданы түзгөн, бул 2016-ж. караганда 2 эсеге же 1219,7 млн. сомго көп.

2017-жылдын аягына карата калктын коммерциялык банктардагы депозиттеринин саны 2013-ж. салыштырмалуу 2,4 эсеге, ал эми мурунку жылга салыштырмалуу 35,2 пайызга көбөйүп, 2903 миңди түздү. Депозиттердин жалпы санынын дээрлик 41 пайызы Бишкек ш. туура келсе, 16,7 пайызы Ош облусу менен Ош ш., 13,6 пайызы Жалал-Абад облусунун аманатчыларына туура келди.

2017-жылы жеке жактардын депозиттерине аманаттардын келип түшүү агымы (чыгып кетүү агымын эсепке алганда) 10758,0 млн. сомду түздү, бул мурунку жылдын көлөмүнөн 3 эсеге көп болду. Калктын аманаттарынын калдыктарынын суммасы өткөн жылы 10321,2 млн. сомго көбөйдү жана жылдын аягында 65577,2 млн. сомду түздү. Аманаттардын улуттук валютадагы өсүү тенденциясы валюталык аманаттардын бир убактагы төмөндөөсүндө сакталып турду. Демек, 2015-ж. депозиттердин жалпы көлөмүнүн 68,1 пайызы валюталык аманаттарга туура келсе, 31,9 пайызы улуттук валютадагы депозиттерге туура келди, ал эми 2017-ж. аягына карата валюталык жана сомдук аманаттардын ортосундагы үлүштөрдүн катышы тиешелүүлүгүнө жараша 44,3 жана 55,7 пайызды түздү.

**5-график. Калктын коммерциялык банктардагы депозиттеринин түзүмү**

*(жалпы көлөмгө карата пайыз менен)*




2017-жылы берилген кредиттердин көлөмү мурунку жылга салыштырмалуу 22,3 пайызга же 18869,6 млн. сомго көбөйүп, 103573,5 млн. сомду түздү. Соода (8871,1 млн. сом), курулуш чөйрөлөрүн (2311,2 млн.), ошондой эле керектөө (4072,1 млн.) жана ипотекалык максаттарды (1249,4 млн. сом) кредиттөөнүн көлөмүнүн өсүшү белгиленди.

Ачык кредиттик портфель жылдын аягына карата 108749,1 млн. сомду түздү, бул анын 2016-жылдагы көлөмүнөн 13,6 пайызга көп. Кредиттик портфелдин жарымы 3 жылдан ашык убакытка берилген узак мөөнөттүү кредиттер менен, 40 пайызы 1 жылдан 3 жылга чейинки убакытка берилген орто мөөнөттүү кредиттер менен, ал эми 10 пайызы 1 жылга чейинки убакытка берилген кыска мөөнөттүү кредиттер менен түзүлдү. Кредиттик портфелдин негизги көлөмү соода (жалпы көлөмдүн 31386,7 млн. сому же 28,9 пайызы), айыл чарба чөйрөлөрүнө (21810,4 млн. же 20,1 пайыз) жана керектөө муктаждыктарына (10785,8 млн. сом же 10,0пайыз) берилген кредиттер менен түзүлдү.

Кредиттик портфелдин жалпы көлөмүнүн жарымынан көбү (55,5 пайызы) Бишкек ш. зайымчыларына (60386,5 млн. сом) туура келди.

Кредиттөөнүн көлөмүнүн көбөйүшү ИДПнын көлөмүнө оң таасир этет, анткени зайым каражаттарынын бизнес жана калк үчүн жеткиликтүүлүгү алардын инвестициялык жана керектөөчүлүк активдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүнчүлүгүн берет, бул өндүрүштүн масштабын кеңейтет. 2014-2015-жылдары экономиканы кредиттөөнүн көлөмүнүн өсүшү байкалып, бул алардын ИДПдагы үлүшүнүн 2013-ж. салыштырмалуу көбөйүшүн шарттаган. Ошентип, 2013-ж. ИДПдагы кредиттердин үлүшү 15,8 пайызды түзсө, 2015-ж. ал 22,4 пайызга чейин өскөн. 2016-жылы кредиттөөнүн өсүү темпинин жайлашы белгиленген, натыйжада үлүшү 20,1 пайызга чейин төмөндөгөн. 2017-жылдын жыйынтыгы менен кредиттик портфелдин көбөйүшү алардын ИДПдагы үлүшүн 0,8 пайыздык пунктка көбөйтүүгө шарт түздү.

2017-жылдын аягына карата банктардагы активдердин наркы жыл ичинде 10,8 пайызга, ал эми 2013-ж. салыштырмалуу 1,8 эсеге жогорулап, 194846,7 млн. сомду түздү.

Негизинен активдердин наркынын жогорулашы жыл сайын банктардын кардарларынын кредиттеринин көлөмдөрүнүн өсүшү менен камсыздалат.

**6-график. Банктардын экономикадагы кредиттери**




Коммерциялык банктардын милдеттенмелери мурунку жылга салыштырмалуу 10,6 пайызга көбөйүп, 2017-ж. аягына карата 161283,5 млн. сомду түздү. 2013-жылга салыштырмалуу милдеттенмелердин көлөмү 1,8 эсеге өстү, бул жеке жактардын депозиттик эсептери, алыш-бериш эсептери боюнча милдеттенмелердин жана банктардын кардарларынын сурамдарына чейинки депозиттердин көбөйүшү менен шартталды.

Банктардын капиталынын наркы мурунку жылга салыштырмалуу 11,8 пайызга (3537,9 млн. сомго) көбөйүп, 2017-ж. аягына карата 33563,2 млн. сомду түздү, бул уставдык капиталдын өсүшү (2784,1 млн. сом) менен шартталды.

Коммерциялык банктардын капиталынын түзүмүндө уставдык капиталдын үлүшүнө анын көлөмүнүн 63,8 пайызы, бөлүштүрүлбөгөн пайданын – 26,6 пайызы, резервдерден – 8,6 пайызы жана башка капиталдын 1,0 пайызы туура келди.

***Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар (БФКУ).*** 2017-жылы республикада 611 банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар, анын ичинде 277 күрөөкана, 193 микрокредиттик уюмдар, 140 кредиттик создар жана бир адистештирилген финансылык-кредиттик мекеме иш жүргүзүштү. Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын системасында эмгектенгендердин саны 3,4 миң адамды түздү, кардарлардын (юридикалык жана жеке жактар) саны – 339,7 миң, ал эми республиканын аймактары боюнча филиалдардын саны – 247 бирдик.

2017-жылы мурунку жылга салыштырмалуу банктык эмес финансылык-кредиттик мекемелердин кардарларынын саны 13,3 пайызга же 40 миңге өскөн.

Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын кирешелери 2017-ж. мурунку жылга салыштырмалуу 7,4 пайызга көбөйүп, 4323,7 млн. сомду түздү, негизги көлөм (95,6 пайыз) пайыздык кирешелер менен түзүлдү. Чыгымдар 2763,9 млн. сомду (1,7 пайызга өсүү), анын ичинде операциялык чыгымдар 2139,8 млн. сомду (чыгашанын 77,4 пайызы) жана пайыздык чыгымдар 624,1 млн. сомду (22,6 пайыз) түздү.

Жылдын жыйынтыгы менен банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар тарабынан 1558,5 млн. сом пайда өлчөмүндөгү оң сальдоштурулган финансылык жыйынтык алынган, бул 2016-ж. караганда 19,1 пайызга көп. Жылды уюмдардын жалпы санынын 64,5 пайызы пайда менен аяктаса (1624,5 млн. сомун түздү), 18,7 пайызы чыгаша (66,0 млн. сом) менен аяктады.

Пайданын негизги көлөмү (1328,1 млн. сом же банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын пайдасынын суммардык көлөмүнүн 85,2 пайызы) микрокредиттик уюмдар тарабынан алынды.

Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар тарабынан берилген кредиттердин көлөмү 2017-ж. 18789,4 млн. сомду түздү, бул 2016-ж. көлөмдөн 18,7 пайызга көп. Кредиттердин негизги үлүшү керектөө муктаждыктарына (7161,3 млн. сом же берилген кредиттердин жалпы көлөмүнүн 38,1 пайызы) , айыл чарбага (4592,1 млн. же 24,4 пайыз), соода чөйрөсүнө (2733,9 млн. же 14,6 пайыз) жана курулушка (1527,2 млн. сом же 8,1 пайыз) багытталды.

Жылдын аягына карата кредиттик портфель өткөн жылга караганда 14,9 пайызга көбөйүп, 13858,2 млн. сомду түздү. Кредиттик портфелдин жарымынан көбү (52,6 пайызы) 1 жылдан 3 жылга чейинки убакытка берилген орто мөөнөттүү кредиттер менен, 41,5 пайызы кыска мөөнөттүү (1 жылга чейинки) жана 5,9 пайызы 3 жылдан ашык мөөнөткө берилген узак мөөнөттүү кредиттер менен түзүлдү.

Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын каржылоосунун негизги багыттары зайымчылардын керектөө муктаждыктары, айыл чарбасы, соода жана курулуш чөйрөсү болуп саналды.

**7-график. БФКУнун алуу максаттары боюнча кредиттери**

*(кредиттердин жалпы көлөмүнө пайыз менен)*




Региондук бөлүк менен алып караганда кредиттик салымдардын негизги суммасы Бишкек ш. (4017,6 млн. сом же жалпы көлөмдүн 29,0 пайызы), Ош облусунун жана Ош ш. (2855,1 млн. же 20,6 пайыз), ошондой эле Чүй облусунун (2165,1 млн. сом же 15,6 пайыз) зайымчыларына туура келди.

Банктык эмес финансылык-кредиттик мекемелердин активдери жыл башынан бери 12,3 пайызга (1858,6 млн. сомго) көбөйүп, 2017-ж. аягына карата 16935,6 млн. сомду түздү. Алардын негизги көлөмү кредиттик портфелдер менен түзүлдү, алардын үлүшүнө банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын суммардык активдеринин наркынын 79,3 пайызы туура келди.

Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын милдеттенмелеринин наркынын өсүшү өткөн жылы 12,3 пайызды же 687,9 млн. сомду түздү. Жылдын аягында алардын нарки 6279,3 млн. сомду түздү, алардын негизги көлөмү (4359,0 млн. сом же 69,4 пайыз) банктардын жана башка финансылык-кредиттик уюмдардын милдеттенмелерине туура келди.

Банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар суммардык капиталынын наркы 2017-ж. 10656,3 млн. сомду түздү, бул 2016-ж. аягына караганда 12,3 пайызга көп. Капиталдын наркынын дээрлик жарымы (49,8 пайыз) бөлүштүрүлбөгөн пайда, 38,5

пайызы уставдык капитал, 7,8 пайызы резервдер жана 3,9 пайызы башка капитал менен түзүлдү.

***Калкты микрокредиттөө.*** 2017-жылы микрокредиттөө уюмдары тарабынан 17166,5 млн. сом суммасында кредиттер берилди, ал эми аларды алуучулардын саны 308 миң адамды түздү. 2016-жылга салыштырмалуу микрокредиттөөнүн көлөмү 29,1 пайызга, ал эми алуучулардын саны 68,6 миң адамга көбөйдү.

Микрокредиттердин негизги үлүшү 6 айдан 12 айга чейинки мөөнөткө (берилген микрокредиттердин жалпы санынын 47,8 пайызы же 8204,7 млн. сому) жана 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө (43,0 пайыз же 7386,8 млн. сом) берилген.

**6-график. Калкты микрокредиттөө**




97,1 миң адам тарабынан алынган 9683,2 млн. сом суммасындагы 50 минден 300 миң сомго чейинки суммадагы микрокредиттер, ошондой эле 112,7 миң адам тарабынан алынган 4715,4 млн. сом өлчөмүндөгү 25 минден 50 миң сомго чейинки суммадагы кредиттер зайымчылар тарабынан эң жогорку суроо-талап менен колдонулду. Микрокредиттерди алуучулардын арасында аялдар басымдуулук кылды – 55,5 пайыз (171 миң адам).

2017-жылы берилген микрокредиттердин жалпы санынын 35,4 пайызы керектөө муктаждыктарына, 28,1 пайызы айыл чарбадагы ишмердикти өнүктүрүүгө, ал эми 16,2 пайызы соода жана коомдук тамактанууга багытталды.

Микрокредиттердин олуттуу суммасы Ош облусунун (берилген микрокредиттердин жалпы көлөмүнүн 22,1 пайызы), Бишкек ш. (21,0 пайызы), Чүй (16,4 пайызы) жана Жалал-Абад (11,7 пайызы) облусунун алуучуларына берилди.

Кредиттөөнүн негизги суммасы микрокредиттик уюмдар тарабынан жеке каражаттарынын эсебинен (берилген кредиттердин 73,4 пайызы) ишке ашырылды. Микрокредиттик уюмдар үчүн зайымдык каражаттардын булагы республиканын финансылык-кредиттик уюмдарынан, ошондой эле калкка берилген микрокредиттердин 26,6 пайызын түзгөн эл аралык финансылык-кредиттик уюмдардан жана донорлордон алынган кредиттер болуп саналды.

2018-жылдын 1-январына карата берилген микрокредиттер боюнча карыз 12129,2 млн. сомду түздү. Микрокредиттердин кайтарымдуулугунун деңгээли 2017-ж. 97,2 пайызды түзүп, мурунку жылга салыштырмалуу 3,1 пайыздык пунктка көбөйдү.

Калкты микрокредиттөө менен камсыз кылуунун деңгээлинин төмөндөгөнү белгиленүүдө. 2013-жылы калкты микрокредиттөө менен камсыз кылуунун деңгээли калктын 1000ине 90 адамды түзсө, 2017-ж. бул көрсөткүч 50 адамга азайган. Калктын 1000ине алганда 2017-ж. микрокредиттерди алган алуучулардын эң көп саны Нарын (93 адам), Ысык-Көл (62 адам), Ош (56 адам) жана Чүй облустарына (54 адам) туура келди.

***Инвестициялык фонддор.*** 2017-жылы Кыргыз Республикасынын финансылык рыногунда 6 инвестициялык фонд иш жүргүздү. Жыл ичинде алар тарабынан баалуу кагаздар оперциялары менен байланышкан 17 бүтүм жүргүзүлгөн, ошону менен бирге 2014-ж. бери биринчи жолу фонддук баалуулуктар сатылып алынды.

Фонддук баалуулуктарды сатып алуу операцияларынын көлөмү 2017-ж. 4577,5 миң сомду, сатуу операциялары 2544,7 миң сомду түздү. Сатып алуу бүтүмдөрүнө облигациялар (3911,0 миң сом суммасында), өнөр жай ишканаларынын акциялары (430,0 миң) жана мамлекеттик казына векселдери (236,5 миң сом) катышты. Сатуу операцияларына облигациялар (1340,0 миң сом суммасында) жана мамлекеттик казына векселдери (1204,7 миң сом) сунушталды.

2017-жылы инвестициялык фонддордун кирешелери 2016-ж. салыштырмалуу 1,4 эсеге төмөндөп, 5746,2 миң сомду түздү. Анын 54 пайызы же 3104,5 миң сому дивиденддердин, 42,4 пайызы (2435,5 миң сом) пайыздардын эсебинен алынды.

Инвестициялык фонддордун ишмердиги менен байланышкан чыгымдар бул мезгил ичинде 1,5 эсеге төмөндөп, 1902 миң сомду түздү. Бул чыгымдардын 65 пайыздан көбү же 1240 миң сому инвестфонддун аткаруу органынын кызмат көрсөтүүлөр төлөмдөрүнө туура келди.

2017-жылдын жыйынтыгы менен инвестициялык фонддор тарабынан 4350 миң сом өлчөмүндө оң сальдоштурулган финансылык жыйынтык алынды, бул 2016-ж. караганда 998,3 миң сомго же 1,2 эсеге көп.

2017-жылдын аягына карата активдер жыл ичинде 4831,5 миң сомго же 8,7 пайызга көбөйүп, 60275,6 миң сомго жетти. Милдеттенмелер 1,4 эсеге же 3927 млн. сомго көбөйүп, 12759,7 миң сомду түздү. Жеке капиталдын наркы 904,5 миң сомго же 1,9 пайызга өсүп, 47515,9 млн. сомду түздү.

Активдердин негизги көлөмү узак мөөнөттүү (64 пайыздан көп) жана кыска мөөнөттүү (18,8 пайыз) инвестициялар, ошондой эле негизги каражаттардын теңдем наркы (7,1 пайыз) менен түзүлдү.

Милдеттенмелердин негизги көлөмү (90 пайызы) кыска мөөнөттүү милдеттенмелерге туура келет. Капитал бардык каражаттардын 42,4 пайызын түзгөн башка капиталдан, уставдык капиталдан (26,3 пайыз) жана резервдерден (21,2 пайыз) түзүлдү.

***Камсыздандыруу компаниялары.*** 2017-жылы Кыргыз Республикасында 23 компания камсыздандыруу ишмердигин жүзөгө ашырышты. Алардын бардыгы Бишкек ш. жайгашкан, алардын бири мамлекеттик компания болуп саналат, калгандары жеке компаниялар. Республиканын региондорунда алардын 35 филиалы иш жүргүздү, алардын ичинен Бишкек ш. - 19, Ош ш. - 4, Ош облусунда – 3, Нарын, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарында – 2, башка облустарда бирден филиал.

2017-жылы камсыздандыруу компаниялары тарабынан 172,5 миң камсыздандыруу келишими түзүлдү, бул 2016-ж. салыштырганда 2,2 эсеге же 94,7 миң келишимге көп. Түзүлгөн келишимдердин жалпы санынын ичинен 83,3 пайызы жеке жактар, 16,7 пайызы юридикалык жактар менен түзүлгөн келишимдерге туура келди.

Ыктыярдуу камсыздандыруу келишимдеринин үлүшүнө түзүлгөн келишимдердин жалпы санынын 61,3 пайызы (105,7 миң келишим) туура келди. Алардын 72,5 пайызы – жеке камсыздандыруу келишимдери, 21,7 пайызы – мүлктү камсыздандыруу келишимдери жана 5,9 пайызы – жоопкерчиликти камсыздандыруу келишимдери.

Акыркы эки жыл ичинде милдеттүү камсыздандыруу келишимдеринин саны олуттуу өстү, бул милдеттүү камсыздандыруу тууралуу бир катар мыйзам актыларынын кабыл алынышы жана “Мамлекеттик камсыздандыруу уюму” ААКнын түзүлгөнү менен шартталды. Демек, 2013-2015-жж. түзүлгөн милдеттүү камсыздандыруу келишимдеринин саны орточо 0,9 миңге жакындаса, бул көрсөткүч 2017-ж. 66,8 миңге жетти.

| Башка кыска мөөнөттүк милдеттенмелер | 1 803,1 | 5 638,3 | 5 566,8 | 5 320,5 | 6 963,6 |
| Резервдер | - | - | - | - | - |
| Узак мөөнөттүк милдеттенмелер | 531,3 | 531,3 | 531,3 | 531,3 | 1 245,7 |
| **Менчик капитал** | **31 852,6** | **35 207,2** | **47 495,5** | **46 611,4** | **47 515,9** |
| Уставдык капитал | 11 040,4 | 12 502,9 | 12 466,5 | 12 502,9 | 12 502,9 |
| Башка капитал | 10 103,0 | 12 772,1 | 23 329,2 | 16 838,2 | 20 166,4 |
| Кошумча төлөнгөн капитал | 3 356,4 | 4 331,6 | 4 072,2 | 2 917,9 | 4 519,5 |
| Кайра баа коюулар боюнча түзөтүүлөр | 6 746,6 | 7 788,9 | 18 669,2 | 13 920,3 | 15 646,9 |
| Бөлүштүрүлбөгөн киреше | 4 088,0 | 2 784,7 | 3 945,7 | 8 519,3 | 4 781,5 |
| Резервдик капитал | 6 621,2 | 7 147,5 | 7 754,1 | 8 751,0 | 10 065,1 |
| **Менчик капитал жана милдеттенмелердин жыйынтыгы** | **37 830,2** | **43 403,2** | **56 546,2** | **55 444,1** | **60 275,6** |

**Маалымдама:**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Инвестициялык фондтордун саны | 6 | 6 | 6 | 6 | 6 |

# IV. Коммерциялык эмес уюмдар

## IV.A.1 таблицасы: Коомдук уюмдардагы финансылык каражаттардын түшүсү жана пайдаланышы

*(млн. сом)*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Каражаттардын түшүүсү** | **5 422,8** | **5 719,9** | **7 644,7** | **8 017,7** | **9 429,2** |
| анын ичинде: | | | | | |
| Мүчөлүк төгүмдөрдөн | 659,0 | 702,6 | 858,9 | 850,8 | 915,0 |
| Кайрымдуулуктан, демөөрчүлүк жардамдан жана садагадан | 3 337,4 | 3 608,3 | 4 738,1 | 4 728,7 | 5 633,7 |
| анын ичинен: жеке жактардан | 231,3 | 219,7 | 562,9 | 318,8 | 317,1 |
| чет өлкөлүк техникалык жардам жана гранттар | 2 753,0 | 2 986,6 | 3 567,9 | 4 194,1 | 4 777,5 |
| чет өлкөлүк техникалык жардам жана өкмөттүк уюмдардын гранттары | 1 345,8 | 1 199,7 | 1 519,8 | 2 021,2 | 3 143,9 |
| Максатуу түшүүлөр | 548,2 | 388,9 | 778,3 | 507,3 | 592,4 |
| Менчик продукцияны сатуудан | 29,2 | 79,7 | 69,4 | 30,8 | 22,1 |
| Кызматтарды көрсөтүүдөн | 468,6 | 502,6 | 526,3 | 537,3 | 550,4 |
| Товарларды сатуудан | 11,0 | 22,3 | 61,5 | 11,0 | 21,6 |
| Бюджеттен (республикалык, жергиликтүү) | 67,8 | 82,1 | 73,3 | 89,1 | 116,7 |
| Окутууга төлөөлөр | 95,6 | 151,2 | 136,9 | 224,7 | 391,2 |
| Мүлктү ижарага берүүдөн | 49,3 | 54,5 | 55,7 | 68,5 | 71,4 |
| Депозиттерден түшкөн кирешелер | 19,1 | 22,1 | 72,8 | 677,2 | 1 021,8 |
| Башка кирешелер | 137,6 | 105,6 | 273,6 | 292,4 | 93,1 |
| **Каражаттарды пайдалануу** | **5 150,9** | **5 425,7** | **7 334,7** | **7 067,2** | **8 275,2** |
| анын ичинде: | | | | | |
| Демөөрчүлүк жана кайрымдуулук жардамга кеткен чыгымдар | 478,0 | 560,0 | 974,0 | 870,2 | 1 060,2 |
| Материалдык чыгымдар | 797,0 | 811,1 | 903,1 | 861,2 | 904,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөргө төлөө | 697,3 | 859,2 | 1 547,9 | 1 158,7 | 1 154,8 |
| Иш сапар чыгымдары | 136,4 | 144,0 | 169,5 | 162,9 | 196,1 |
| Эмгек акы төлөө | 1 135,2 | 1 324,7 | 1 539,3 | 1 748,0 | 1 890,5 |
| Социалдык муктаждыктарга чегерүүлөр | 212,4 | 235,2 | 264,2 | 321,1 | 311,0 |
| Негизги каражаттардын амортизациясы | 102,2 | 78,1 | 178,3 | 112,5 | 114,4 |
| Стипендиялар | 4,7 | 5,9 | 11,9 | 102,5 | 139,7 |
| Капиталдык салымдарга кеткен чыгымдар | 329,0 | 53,7 | 127,6 | 45,6 | 182,3 |
| Негизги каражаттарды оңдоо жана тейлөө | 53,1 | 59,9 | 59,0 | 80,8 | 88,7 |
| Жабдууну жана инвентарды сатып алууга кеткен чыгымдар | 148,1 | 147,5 | 312,9 | 217,9 | 329,9 |
| Башка чыгымдар | 995,2 | 1 064,5 | 1 189,8 | 1 307,8 | 1 821,9 |
| Азыктарга салыктар | 46,4 | 60,1 | 34,9 | 43,1 | 43,5 |
| Өндүрүшкө салыктар | 13,3 | 14,3 | 15,3 | 15,8 | 33,9 |
| Пайдага салыктар | 2,6 | 7,5 | 6,9 | 19,2 | 4,0 |

**Малымдама:**

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| Отчёт тапшырган коомдук уюмдардын саны | 5 072 | 5 198 | 5 262 | 5 716 | 5 795 |

## IV.A.2 таблицасы: Коомдук уюмдардын саны

*(СББМКда катталган, бирдик [1])*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Коомдук уюмдардын бардыгы** | **17 095** | **17 191** | **17 642** | **19 083** | **19 757** |
| анын ичинде: | | | | | |
| Коммерциялык жана ишкердик уюмдардын бирикмеси(ассоциациялар) | 1 038 | 1 028 | 1 040 | 1 482 | 1 486 |
| Кесиптик уюмдар | 772 | 778 | 774 | 762 | 744 |
| Кесиптик бирликтер | 649 | 685 | 706 | 720 | 739 |
| Диний уюмдар | 499 | 499 | 512 | 537 | 556 |
| Саясий уюмдар | 224 | 221 | 230 | 249 | 251 |
| Маданият жана рекреациялар жаатындыгы коомдук уюмдары (бирикмелери) | 129 | 207 | 214 | 234 | 240 |
| Укук коргоо коомдук уюмдары (бирикмелери) | 116 | 182 | 242 | 257 | 259 |
| Айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы коомдук уюмдары (бирикмелери) | 31 | 35 | 37 | 35 | 36 |
| Филантропиялар жана ыктыярдуу ишмердикти колдоо жаатындагы коомдук уюмдары (бирикмелери) | 7 | 9 | 12 | 9 | 13 |
| Мекенчилдик максаттары бар коомдук уюмдары (бирикмелери) | 35 | 47 | 63 | 71 | 73 |
| Экономикалык , социалдык жана коомдук өнүгүү жаатындагы коомдук уюмдары (бирикмелери) | 167 | 493 | 648 | 719 | 844 |
| Башка топтошууга кирбеген башка коомдук уюмдар | 13 428 | 13 007 | 13 164 | 14 008 | 14 516 |
| **Малымдама:** | | | | | |
| Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын каттоосунан өткөн диний багыттагы диний уюмдар жана объектилер | 2 475 | 2 600 | 2 829 | 3 016 | 3 233 |

## IV.A.3 таблицасы: Коомдук уюмдардын аймактар боюнча саны

*(СББМКда катталган, бирдик [1])*

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **17 095** | **17 191** | **17 642** | **19 083** | **19 757** |
| Баткен облусу | 945 | 940 | 1 011 | 1 090 | 1 109 |
| Жалал-Абад облусу | 2 373 | 2 222 | 2 233 | 2 476 | 2 580 |
| Ысык-Көл облусу | 1 671 | 1 539 | 1 570 | 1 754 | 1 820 |
| Нарын облусу | 1 039 | 1 020 | 842 | 872 | 884 |
| Ош облусу | 1 886 | 2 050 | 2 163 | 2 475 | 2 544 |
| Талас облусу | 848 | 811 | 840 | 908 | 936 |
| Чүй облусу | 1 891 | 1 846 | 1 928 | 2 156 | 2 213 |
| Бишкек ш. | 5 406 | 5 679 | 5 924 | 6 198 | 6 478 |
| Ош ш. | 1 036 | 1 084 | 1 131 | 1 154 | 1 193 |

[1)] СББМК - Статистикалык бирдиктердин бирдиктүү мамлекеттик каттосу.

# 2-тиркеме: Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр

***Классификаторлор***

***Экономикалык ишмердиктин түрлөрүнүн мамлекеттик классификатору (ЭИМК)*** - Классификациялардын бирдиктүү тутумунун курамдык бөлүгү, техникалык-экономикалык жана социалдык маалыматтарды коддоштуруу болуп саналган классификатор. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишмердигинин түрү ишмердиктин түрлөрүнүн классификацияларынын эң көп чоңойтулган категорияларын мүнөздөгөн азыктардын (товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн) бир түрдүү топтомун алууга алып келген процесс катары аныкталат.

**I. Экономиканын ишканасы**

Бөлүмдө **17,8** миң чарба жүргүзүүчү субъекттерден алынган отчёттордун негизинде экономиканын ишканаларынын жана уюмдарынын ишмердигинин негизги финансылык-экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтар келтирилген.

**II. Реалдуу сектордун ишканасы**

Бөлүм толук чарбалык эсепте турган, эсептердин толук топтомун жүргүзгөн, өзүнчө тендемге ээ болгон, юридикалык жак болгон **17,2** миң ишканалардан жана уюмдардан, ошондой эле чарбалык эсепте турбаган, бирок кирешелерди чарбалык же башка ишмердиктен (мындан ары ишкана) алган уюмдардан алынган отчёттордун негизинде ишканалардын финансы статистикасы боюнча маалыматтарды камтыйт.

Маалыматтар төмөнкү формалар боюнча Кыргыз Республикасынын экономикасынын ишканаларынан жана уюмдарынан алынган кварталдык жана жылдык мезгилдүүлүк менен жылпыланат:

- **№ 1 - ФЧИ** – "Ишкананын (уюмдардын) финансылык-чарба ишмердигинин негизги көрсөткүтөрү жөнүндө отчёт";
- **№ 6-ф** - "Ишканалардын (уюмдардын) өз ара эсептеринин абалдары жөнүндө отчёт";
- **№ 1-ФИ** – " Ишканалардын өндүрүштүк ишмердиги, финансылык көрсөткүчтөрү, жана активдери жөнүндө отчёт";
- **№ 1-ф** – «Ишкана (уюмдардын) ишмердигинин негизги финансылык көрсөткүтөрү жөнүндө отчёт»**;**
- **№ 1 – ФЧИ-микро** - "Чакан ишкананын ишмердиги жөнүндө отчёт".

Кварталдык маалыматтар отчёттук мезгилден кийин 65-күнү, жылдыктар - июнда басылып чыгат.

Ишканалардын активдери, милдеттенмелери жана капиталы Финансылык отчёттуулуктун эл аралык стандарттарында (ФОЭС) бекитилген түзүмгө ылайык берилет.

«Экономиканын ишканалары» I бөлүмүндө экономиканын реалдуу секторунун **17,2 миң** чарба жөргүзүүчү субъектеринене (10 го чейинки адам иштеген чакан ишканаларды кошкондо) алынган активдер, милдеттенмелер жана капиталдар тууралуу кыскача маалыматтар келтирилген.

II бөлүмдө «Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын» маалыматтары жылдык мезгилдүүлүгү менен **2,8 миң** ишканалардан алынган «Ишкананын (уюмдардын) финансылык-чарба ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү жөнүндө отчёт» № 1 - **ФЧИ** формасынын негизинде түзүлгөн жана жалпыланган ири жана орто ишканалардын

балансындагы мааламаттар келтирилген. Бөлүмдө экономикалык ишмердиктин ар түрдүү түрлөрүндөгү ири жана чакан чарба жүргүзүүчү субъекттердин мүлктүк жана финансылык абалын көзөмөлдөгөн жана талдоо жүргүзгөн активдердин, милдеттенмелери жана капиталдын көлөмү жана түзүмү жөнүндө маалыматтар келтирилген.

***Активдер*** - бул пайдаланылышы экономикалык пайданын агымына алып келген ишкананын ресурстары. Алар жүгүртүү жана жүгүртүү эмес активдерине бөлүнүшөт.

***Жүгүртүү активдери*** – бул бир жылдын ичинде акча каражаттарына кайра айланусу керек болгон активдер (кыска мөөнөтүү инвестициялар, алууга эсептер, акча каражаттары, товардык-материалдык камдыктар жана башкалар).

***Жүгүртүүдөн тышкары активдер*** – бул бир жылдан көп убакытта ишкана тарабынан пайдаланылган активдер (негизги каражаттар, узак мөөнөттүү дебитордук карыз, узак мөөнөттүү инвестициялар, материалдык эмес активдер).

***Милдеттенмелер*** – эсеби ишкананын ресурстарынын келүү агымы менен бүткөн карыз. Жабуу мөөнөтү боюнча кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү милдеттенме болуп экиге бөлүнөт.

***Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер*** насыя берүүчүнүн талабы боюнча же бир жылдын ичинде төлөнөт (төлөө эсеби, кыска мөөнөттүү банктык ссудалар, төлөө салыктары, кошуп эсептелген милдеттенмелер, учурдагы милдеттенмелер).

***Узак мөөнөттүү милдеттенмелер*** бир жылдан көп жабуу мөөнөтүнө ээ болот (банктардын узак мөөнөттүү ссудалары, төлөө вексели жана башка узак мөөнөттүү милдеттенмелер).

***Капитал*** – бул ишканалардын милдеттерин эсептен чыгарып салгандагы активдер. Өзүнө уставдык капиталды жана башка капиталды камтыйт.

***Уставдык капитал*** мамлекеттик органдар тарабынан катталган уюмдаштыруучулардын салымынын өлчөмүн же эмиссиялардын өлчөмүн чагылдырат.

***Башка капитал*** кошумча төлөнгөн капиталды, бөлүштүрүлбөгөн пайданы, резервдик капиталды, кошумча капиталды камтыйт.

***Түшкөн каражат (дүң киреше)*** - товарларды кайтарып берүүсүнүн кемитүүсүн жана сатып алуучуга арналган баалардын арзандатууларын иштетүүдөн түшкөн кирешенин дүң түшүүсү катары аныкталган нетто-иштетүү. Бул даяр азыктарды, товарларды, аткарылган иштерди жана көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн кирешелер, сый акылар, пайыздар, үлүштүк кирешелер, калем акылар жана негизги чарбалык ишмердиктен алынган чарба жүргүзүүчү субъекттердин ишмердигинин түрүнө жараша ижара төлөмү.

***Азыктарды (товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө жана иштетүүгө кеткен чыгымдар*** - бул ишмердиктин төмөнкү негизги түрү менен байланышкан чыгымдардын суммасы: азыктарды, товарларды, аткарылган иштерди, көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү, сатып алуу жана сатуу. Материалдык чыгымдарды, эмгек акы төлөөгө жана социалдык керектөөгө кеткен чыгымдарды, негизги каражаттардын камсыздандыруусу жана амортизациялары боюнча чыгымдарды, башка уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө боюнча чыгымдарды камтыйт.

***Операциялык эмес кирешелер*** - облигациялар жана тийиштүү баалуу кагаздар боюнча пайыздык кирешелерди кошкондо инвестициялык жана финансылык ишмердиктин натыйжасында алынган кирешелерди, башка ишканалардын ишмердигине үлүштүк катышуудан алынган кирешелерди, акциялар боюнча үлүштүк кирешелерди, мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн кирешелерди, чет өлкөлүк валюта операциялары боюнча оң курстук айырмачылыктарды, негизги каражаттарды, башка материалдык баалуулуктарды жана башка активдерди (материалдык эмес активдер, баалуу кагаздар) иштетүүдөн түшкөн кирешени, алынган айыптарды, туумдарды, бышманаларды жана операциялык ишмердик менен байланышпаган башка кирешелерди чагылдырат.

***Операциялык эмес чыгымдар (-)*** - банктарга жана банктык эмес мекемелерге карыздардын суммасы боюнча пайыздарды төлөөлөрдү, мөөнөтү өткөн ссудалар боюнча пайыздарды, каржыланган ижара боюнча пайыздарды төлөөгө кеткен чыгымдарды, чет өлкөлүк валюта операциялары боюнча курстук айырмалардагы чыгашаларды, негизги

каражаттарды иштетүүдөгү чыгашаларды, айлана-чөйрөнү коргоо жана өнбөс карыз боюнча резервди түзүү чыгымдарын, операциялык ишмердик менен байланышпаган башка чыгымдарды чагылдырат.

***Азыктарды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) иштетүүдөн түшкөн пайда (чыгаша)*** - ишканалардын ишмердигинин негизги финансылык көрсөткүчүнөн түшкөн каражат (дүң киреше) менен азыктарды (товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө жана иштетүүгө кеткен чыгымдардын ортосундагы ар түрдүүлүк катары аныкталат. Эгерде өндүрүүгө жана иштетүүгө кеткен чыгымдар түшкөн каражаттан (дүң киреше) ашып кетсе чыгаша пайда болот.

***Сальдоштурулган финансылык жыйынтык (пайдадан чыгаша кемитилет)*** - ишканалардын бардык чарбалык операцияларынын вухгалтердик эсебинин негизинде табылган негизги финансылык көрсөткүч. Азыктарды (товарларды, иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) иштетүүдөн түшкөн пайданын (чыгашанын) жана бул операциялар боюнча чыгымдардын суммасына азайган операциялык эмес кирешелердин суммасын көрсөтөт. Маалыматтар иш жүзүндө тийиштүү жылдагы колдонуудагы бааларда, түзүмдө жана методологияларда келтирилет.

Бул басылмадагы ***финансылык активдер*** ишканалардын акча каражаттарынын жана алардын финансылык салымдарынын суммасын көрсөтөт.

***Акча каражаттары*** - бул ишканалардын кассаларында улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы акчанын болуусу, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөнүн банктарындагы күндөлүк жана башка эсептердеги каражаттар, акча документтери (кардарлардын чектери, акча которуулары, мамлекеттик алымдардын белгилемелери) жана ишкананын кассасында болгон башка эквиваленттер.

***Финансылык салым*** - банк салымдарына (депозиттерге) акча каражаттарын, материалдык жана башка баалуулуктарды салуу формасындагы финансылык активдерге инвестициялар, облигациялар, насыялык салымдар, акцияларга салымдар жана башка баалуу кагаздар, өлкөнүн аймактарында жана анын чегинен тышкары аймактарда жайгашкан башка юридикалык жактардын уставдык капиталдары.

***Операциялык ишмердиктин рентабелдүүлүгү*** - пайыздарда көрүнүп турган жана өндүрүштүк ишмердиктин майнаптуулугун мүнөздөгөн салыштырмалуу чондук. Азыктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштетүүдөн түшкөн пайданын азыктарды өндүрүүгө жана иштетүүгө кеткен чыгымдарына болгон мамилесин көрсөтөт. Эгерде азыктарды иштетүүдөн чыгаша алынса ошол учурда чыгашалуулук орун алат.

***Ишкананын ишмердигинин рентабелдүүлүгү*** - жалпысынан ишкананын ишмердигинин б.а. операциялык эмес кирешелерди жана чыгымдарды кошкондо майнаптуулугун мүнөздөйт. Ишкананын тендемдик пайдасынын (чыгашасынын) азыктарды өндүрүүгө жана иштетүүгө кеткен чыгымдарына болгон мамилеси катары эсептелет.

***Камдыктар*** - бул чарба жүргүзүүчү субъекттерге тиешелүү болгон, өндүрүштүн жана жүгүртүүнүн ар түрдүү баскычында жайгашкан, өндүрүштүн процессиндеги иштерди аткарууда жана кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүдө иштетүү жана пайдалануу үчүн арналган товардык-материалдык баалуулуктар.

***Өндүрүштүк камдыктар*** - бул чийки заттардын камдыктарынын, негизги материалдардын, майдын, сатылып алынган чала фабрикаттардын, себилдөөчү буюмдардын жана башка өндүрүштүк камдыктарга карата бухгалтердик эсеп жөнүндө Жобого ылайык тийиштүү материалдык баалуулуктардын иш жүзүндөгү калдыктары.

***Даяр продукциялар*** - бул өндүрүш тарабынан бүткөн, сыноодон жана кабыл алуудан өткөн, тапшырыкчынын келишимдеринин шарттарына жана тиешелүүлүгүнө жараша техникалык шарттарга жана стандарттарга ылайык бардык бөлүктөрү себилденген буюмдардын иш жүзүндөгү өндүрүштүк өздүк наркы.

***Товарлар*** - бул сатып алуу бааларында мындан ары сатуу үчүн ишканалар тарабынан сатылып алынган товарлардын калдыктарынын наркы.

***Бүтүрүлбөгөн өндүрүш*** - бул бүтүрүлбөгөн өндүрүш жана бүтүрүлбөгөн иштер (кызмат көрсөтүүлөр) боюнча чыгымдар. Муну менен бүтүрүлбөгөн өндүрүш, менчик

өндүрүштүн (буюмдар, иштер жана кызмат көрсөтүүлөр) чала фабрикаттары иш жүзүндөгү өздүк нарк боюнча бааланат.

***Көмөкчү материалдардын камдыктары*** - бул негизги өндүрүштүк процессти камсыздоо же административдик-башкаруу максаттар үчүн пайдаланылган ар түрдүү көмөкчү материалдар. Алардын курамына төмөнкүлөр кирет: май, камдык бөлүктөрү, курулуш материалдары, аз баалуу жана бат эскирип кеткен буюмдар жана башка материалдар.

***Ишканалардын өз ара эсептеринин абалы.*** Ишканалардын өз ара эсептеринин статистикасынын статистикалык байкоосунун объектиси жүктөлгөн азыктардын, анын ичинде бартер боюнча көлөмү, республиканын ичиндеги да башка өлкөнүн да ишканалары менен, анын ичинде КМШга мүчө өлкөлөрү менен да ишканалардын дебитордук жана насыялык карызы, № 6-Ф, № 1-Ф, № 1-ФЧИ-микро формалары боюнча кварталдык жана жылдык мезгилдүүлүгү менен 17,2 миң чарба жүргүзүүчү субъекттерден алынган маалыматтардын негизинде банктардын насыялары жана зайымдары боюнча карызы саналат.

***Бартер*** - бул чарба жүргүзүүчү субъекттердин ортосундагы тике товар алмаштыруу түрүндөгү бүтүмдөр. Акча эсептерин жүргүзбөстөн ишке ашат, жеткирилген товарларга төлөө товардык түрдө болот.

***Дебитордук карыз*** - жүктөлгөн товарлар, иштер, кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде векселдер менен камсыздалгандар үчүн сатып алуучулар жана тапшырыкчылар менен эсептешүүлөр; туунду жана көз каранды коомдор менен эсептешүүлөр боюнча карыз; түзүлгөн келишимдерге ылайык алдыдагы эсептешүүлөр боюнча авансларды башка уюмдар төлөгөн сумма; финансы жана салык органдары менен эсептешүүлөр боюнча карыз (анын ичинде салыктар, жыйымдар жана бюджетке башка төлөмдөр боюнча ашык төлөө); берилген ссудалар жана зайымдар боюнча уюмдардын кызматкерлеринин карызы, отчёт берүүчү адамдардын карызы; кабыл алууда табылган товардык-материалдык баалуулуктадын кем чыгуусу боюнча жеткирип берүүчүлөрдүн карызы; ошондой эле карызкор моюнуна алган же соттордун чечими кабыл алынган же мыйзамдарга ылайык ишканалардын финансылык натыйжаларына тийиштүү өндүрүп алуулар жөнүндө чечимди кабыл алууга укугу бар башка органдардын айыптары, туумдар жана бышманалар.

***Насыялык карыз*** - бул түшкөн материалдык баалуулуктар, аткарылган иштер жана көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөр үчүн жеткирип берүүчүлөр жана подрядчылар менен эсептешүүлөр боюнча карыз, анын ичинде берилген векселдер менен камсыздалган карыз; опреациялардын бардык түрлөрү боюнча туунду жана көз каранды коомдор менен, кошуп эсептелген эмгек акы бирок эмгек акынын төлөнбөгөн суммасы боюнча жумушчулардын жана кызматкерлердин эсептешүүлөрү боюнча карыз; пенсиялык камсыздоо, милдеттүү медициналык камсыздандыруу жана эмгекчилердин ден соолугун жакшыртуу фондуларына камсыздандыруу төгүмү боюнча карыз; бюджетке жана бюджеттен тышкаркы фонддорго төлөмдөрдүн бардык түрү боюнча карыз; уюмдардын мүлкүн жана кызматкерлерин милдеттүү жана ыктыярдуу камсыздандыруу жана уюм камсыздандырылуучу болуп саналган камсыздандыруунун башка түрлөрүнүн төлөмдөрү боюнча карыз; түзүлгөн келишимдердин алдыдагы эсептери боюнча башка уюмдардан алынган авансрдын суммасын камтып алынган аванстар.

Чарба жүргүзүүчү субъекттер менен түзүлгөн келишимдерге ылайык сүйлөшүлгөн мөөнөттө карыздар жабылбаса мөөнөтү өткөн дебитордук жана насыялык карыздар түзүлөт.

***Банктардын насыялары жана зайымдар боюнча карыздар*** - бул банк тутумунан, банктык эмес финансылык-насыя уюмдарынан, юридикалык жана жеке жактардан, өлкөнүн аймактарынан да чет өлкөдөн да алынган насыялар жана зайымдар боюнча карыздар.

Экономиканын реалдуу секторунун ишканаларынын ***финансылык-чарба ишмердигин талдоо*** отчёттуулуктун айрым беренелеринин ортосундагы өз ара

мамилелеринин негизинде эсеби чыгарылган бир катар өзгөчөлүү коэффициенттердин жардамы менен ишке ашат. Бул басылманын чегинде коэффициенттердин эсеби жылдык мезгилдүүлүгү менен (№1-ФЧИ-микро формасы боюнча отчёт беришкен чакан ишканаларды эсептебегенде) 2,8 миң ишканалардан алынган "Ишкананын (уюмдардын) финансылык-чарба ишмердигинин негизги көрсөткүтөрү жөнүндө отчёт" №1-ФЧИ формасынын маалыматтарынын негизинде чыгарылган.

***Төлөм жөндөмдүүлүгү*** - бул төлөм мүнөзүндөгү соода, насыя жана башка операциялардан келип чыкан өзүнүн төлөм милдеттенмелерин өз убагында толугу менен аткаруу жөндөмдүүлүгү. Тез жана күндөлүк өтүмдүүлүктүн коэффициенттери менен мүнөздөлөт.

***Тез өтүмдүүлүктүн коэффициенти*** камдыктарды сатканга жана аванстарды кайтарып алууга мумкүнчүлүк жок болгон опуртал абал учурундагы кыска мөөнөттүк милдеттенмелерди ишканалар тарабынан жабуу мумкүнчүлүгүн мүнөздөйт. Тез активдердин кыска мөөнөттүк милдеттенмелерге карата мамилеси катары эсептелет. (0,8ден 1,0гө чейинки чектердеги көрсөткүчтүн сунушталган мааниси). Тез активдер - бул камдыктарды кемитүү үчүн жана берилген аванстардын жүгүртүлгөн активдери.

***Күндөлүк өтүмдүүлүктүн коэффциенти*** - жүгүртүүчү активдердин кыска мөөнөттүк милдеттенмелерге карата мамилеси б.а. күндөлүк активдердин канча акча бирдиги күндөлүк милдеттенмелердин 1 акча бирдигине туура келет. (1ден 2ге чейинки сунушталган мааниси).

Ишкананын туруктуулугун жана карызды пайдалануунун майнаптуулугун мүнөздөгөн ***финансылык левередж коэффициенти*** милдеттенмелердин (зайым каражаттары) менчик капиталга карата мамилеси катары эсептелет. Левередж канчалык төмөн болсо ошончолук абал туруктуу болот. (1ден 2гө чейинки чектердеги көрсөткүчтүн сунушталган мааниси)

***Активдердин айланымдуулугу*** ишканалардын бардык болгон ресурстарын пайдалануунун майнаптуулугун мүнөздөйт жана ишкананын активдеринин орточо жылдык көлөмүнө карата дүң кирешенин мамилеси катары эсептелет. Активдердин айланымдуулугунун коэффициенти ишканаларда бир жылда канча жолу пайда (анын болгон активдеринин ар бир сомуна ишкана түшкөн каражаттын (дүң кирешенин) канча сомун алды) түрүндө майнап алып келген өндүрүштүн жана жүгүртүүнүн толук циклы болоорун көрсөтөт.

***Активдердин кирешелүүлүгү (рентабелдүүлүк)*** - тендемдик пайданын жана ишкананын активдеринин орточо жылдык наркынын өз ара мамилеси. Анын болгон активдеринин ар бир сомуна ишкана тендемдик пайданын канча сомун алганын көрсөтөт.

***Капиталдын кирешелүүлүгүнүн (рентабелдүүлүк) коэффициенти*** ишкананын (инвестицияланган капиталдын ар бир сомуна ишканалар тарабынан канча сом пайда алынды) менчик капиталы кандай иштерин көрсөтөт жана активдердин кирешелүүлүгүнүн жана финансылык левередждин өндүрүүмдүүлүүгү катары аныкталат. Бул басылмада менчик капиталдын орточо жылдык суммасына карата тендемдик пайданын мамилеси катары эсептелген.

***Товардык-материалдык баалуулуктардын камдыктарынын айланымдуулугу*** камдыктарды пайдалануунун (иштетүүнүн ылдамдыгы) майнаптуулугун мүнөздөйт. Товардык-материалдык камдыктардын наркына карата иштетилген азыктардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) өздүк наркынын мамилеси катары эсептелет. ***Товардык-материалдык баалуулуктардын камдыктарын сактоо узактыгын*** эсептөө үчүн 365 күндү айланымдуулуктун коэффициентинин маанисине бөлүү зарыл.

***Дебитордук карыздын айланымдуулугунун коэффициенти*** бир жыл ичинде канча дебитордук карыз алынганын чагылдырат. Орточо дебитордук карызга карата түшкөн каражаттын мамилеси катары эсептелет.

***Дебитордук карызды жабуунун орточо мезгили*** жылдын 365 күнүн дебитордук карыздын айланымдуулугунун коэффициентине бөлүү жолу менен эсептелет. (Жабуунун мезгили канчалык узагыраак болсо ошончолук карызды жабуу коркунучу жогору).

***Насыялык карыздын айланымдуулугунун коэффициенти*** ишкананын иш активдүүлүгүн мүнөздөгөн финансылык коэффициент болуп саналат жана бир жылда канча жолу насыялык карыз айланаарын көрсөтөт. Насыялык карыздын эсептөө мезгилиндеги орточо маанисине карата азыктарды иштетүүдөн түшкөн каражаттын мамилеси катары эсептелет. Насыялык карыздын айланымдуулугунун коэффициенти канчалык жогору болсо компания ошончолук бат өзүнүн жеткирип берүүчүлөрү менен эсептешет. Айланымдуулуктун төмөндөшү эсептерди төлөөдө көйгөйлөр болгонун билдириши мүмкүн.

***Насыялык карызды жүгүртүүнүн орточо мезгили*** жылдын 365 күнүн насыялык карыздын айланымдуулугунун коэффициентине бөлүү жолу менен эсептелет. Бул көрсөткүч компаниялардын жеткирип берүүчүлөрүнөн алынган насыяны жабуу үчүн күндөрдүн эсептик сандарын берет.

***Азыктарды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө кеткен чыгымдар.*** Маалыматтар 2,8 миң ишканалардан алынган "Ишканалардын өндүрүштүк ишмердиги, финансылык көрсөткүчтөрү, жана активдери жөнүндө отчёт" № 1-ФИ формасынын негизинде түзүлөт жана жылпыланат. Алынган статистикалык маалыматтардын негизинде азыктарды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдүү өндүрүүгө кеткен чыгымдардын түзүмүнүн эсеби чыгарылды.

***Азыктарды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) өндүрүүгө кеткен чыгымдар*** ишмердиктин негизги түрү боюнча ишкананын азыктарын өндүрүүнүн бардык көлөмүнө тиешелүү болгон чыгымдардын толук чондугун өзүнө камтыйт.

Чыгымдардын курамына төмөнкүлөр кирет:

1). *Материалдык чыгымдар* чийки затты жана материалдарды, сатылып алынган жана себилдөөчү чала фабрикаттарды, отун, энергия, мунайзат продуктуларын, кошмо бааны, бажы алымын, тарнспортоого, сактоого жана жеткирип берүүгө кеткен чыгымдарды кошкондо сатып алуу наркы боюнча эсептелген аз баалуу жешилген жана бат жешилүүчү буюмдарды камтыйт.

2). *Эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар* – сыйлыктарды, кызыктыруучу жана компенсациялоочу төлөмдөрдү, ошондой эле ишкананын штатында турбаган, бирок негизги ишмердик менен иштешкен кызматкерлердин эмгек акысына кеткен чыгымдарды кошкондо ишкананын негизги персоналынын эмгек акысы.

3). *Социалдык муктаждыктарга чегерүүлөр* – белгиленген мыйзамдар боюнча ченемдерге, социалдык камсыздандыруу органдарына, пенсиялык фондго, милдеттүү медициналык камсыздандыруу жана эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна милдеттүү чегерүүлөр.

4). *Негизги өндүрүштүк каражаттардын амортизациясы* – негизги жана өндүрүштүк каражаттарды толук калыбына келтирүүсүнө кеткен амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы.

5). *Башка чыгымдар* – бул сатып өткөрүлгөн продукциялардын өздүк наркына кирген, бирок жогоруда саналып өткөн чыгымдардын пункттарынын бирөөсүнө да кирбеген чыгымдар (ижара акысы, банктардын насыялары боюнча пайыздар, командировкалык, суткалык, өкүлчүлүк чыгымдар, байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө, транспортко, аудитке, коргоого, жарнамага, юридикалык фирмаларга жана башка уюмдарга төлөө).

## III. Финансы секторунун ишканасы

Бөлүмдө отчёттуулуктун төмөнкү формалары боюнча кварталдык жана жылдык мезгилдүүлүгү менен **668 уюмдардан** алынган банктардын, камсыздандыруу компанияларынын, инвестициялык фонддордун жана банктык эмес финансылык-насыя мекемелеринин ишмердигинин негизги көрсөткүчтөрү чагылдырылат.

- **№1-КК** "Камсыздандыруу компанияларынын ишмердиги жөнүндө отчёт";

- **№1-КБ** "Коммерциялык банктардын финансылык-экономикалык ишмердиги жөнүндө отчёт" ;
- **№1-КРУБ** "Улуттук банктын финансылык-экономикалык ишмердиги жөнүндө отчёт " ;
- **№1-ИФ** "Инвестициялык фонддун ишмердиги жөнүндө отчёт" ;
- **№1-Микронасыя** "Калкты микронасыялоо жөнүндө жыйынтыкталган отчёт" ;
- **№2-Насыя** "Насыя уюмдарынын финансылык-экономикалык ишмердиги жөнүндө отчёт".

***№1-КК*** формасы боюнча отчёт Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынан камсыздандыруу ишмердигин ишке ашырууга уруксаттама алышкан өз алдынча тендемде турган бардык камсыздандыруу уюмдары (камсыздандыруучулар) тарабынан тапшырылат. Отчёт уюмдаштыруу жана каттоо документтеринин, бухгалтердик жана талданма эсептин маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Камсыздандыруу уюмдарынын мүнөздөмөлөрүн, активдерди, милдеттенмелерди жана капиталды, камсыздандыруу уюмдарынын иштеринин негизги көрсөткүчтөрүн, кирешелерди жана чыгымдарды, финансылык ишмердикти камтыйт.

***Камсыздандыруу*** - бул көп адамдарга (камсыздандыруу жыйындысы менен) бөлүштүрүүнүн аркасында жеке же юридикалык жактар тарткан чыгашаларды кайрып алуу ыкмасы. Чыгашаларды кайрып алуу камсыздандыруу уюмдарынын (камсыздандыруучунун) карамагында болгон камсыздандыруу фондунун каражаттарынан иштелип чыгат. Камсыздандыруудагы объективдүү муктаждык кээ бир убакта адамдын такыр контролундагы эмес (жаратылыштын табигый күчтөрү) көпчүлүк учурда кимдир бирөөнүн жарандык-укуктук жоопкерчилигине алып келбеген кыйраткыч факторлордун аркасында келип чыккан чыгашалар менен шартталат.

***Камсыздандыруу төлөмдөрү*** - камсыздандыруу учуру менен байланыштуу камсыздандырылуучу камсыздандыруучуларга, камсыздандырылган адамга, пайда көрүүчүгө же башка үчүнчү жактарга төлөнгөн акча суммасы. Мүлктү камсыздандырууда камсыздандыруу төлөмү камсыздандыруу төлөө түрүндө болот. Камсыздандыруу компаниясы камсыздандыруу учурунун фактысы боюнча зарыл документтерди алып, минималдуу мөөнөттө камсыздандыруу келишимдеринин шарттарынан чыгып камсыздандыруу суммасын төлөп бериши керек.

***Камсыздандыруу суммасы*** - камсыздандыруу төгүмүнүн жана камсыздандыруу төлөмдөрүнүн өлчөмү белгиленгенден чыккан камсыздандыруу келишимдеринде аныкталган же мыйзамда белгиленген акча суммасы. Мүлктү камсыздандырууда камсыздандыруу суммасы келишим түзүлгөн учурдагы анын чыныгы наркынан ашык болушу мүмкүн эмес.

***№1-ИФ*** формасы боюнча отчёт Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынан ишмердикти жүргүзүүгө уруксаттама алышкан менчик формасына карабастан адистештирилгендигин кошкондо бардык инвестициялык фонддор тарабынан тапшырылат. Отчёт уюмдаштыруу жана каттоо документтеринин, бухгалтердик жана талданма эсептин маалыматтарынын негизинде түзүлөт. Жалпы көрсөткүчтөрдү, активдерди, милдеттенмелерди жана капиталды, инвестициялык фонддордун иштеринин негизги көрсөткүчтөрүн, анын кирешелерин жана чыгымдарын камтыйт.

***Инвестициялык фонд*** - финансы рыногунун катышуучуларынын бири. Инвестициялык фонддор баалуу кагаздардын алгачкы рыногун түзүү жана акцияларды сатып алуучулардын коркунучун төмөндөтүү үчүн түзүлөт. Инвестициялык фонд акционердик коомдун добуш берүүчү акцияларынын 10 пайызынан көп эмесине ээ болууга жана өзүлөрүнүн акцияларынын 5 пайызынан көп эмесин анын баалуу кагаздарына орундаштырууга укугу бар.

***Акция*** - үлүштүк кирешелер түрүндөгү акционердик коомдун пайдасын алууга, акционердик коомдун иштерин башкарууга катышууга жана жоюулгандан кийин калып калган мүлктүн бөлүгүнө кармоочунун (акционердин) укукгун ырастоочу баалуу кагаз.

Акцияларга менчик укугу акционердин реестрине тийиштүү жазманы киргизген учурдан баштап сатуучудан сатып алуучуга өтөт.

***№1-КБ*** формасы боюнча отчёт коммерциялык банктар (иштеп жаткан, жоюу баскычында болгон жана кайта чакыртылып алынган уруксаттамалары бар банктарды кошкондо) тарабынан тапшырылат. Банк мекемелеринин тарамдары, депозиттер, аймактар, мөөнөттөр жана насыялоо максаттары боюнча насыя салымдары, негизги каражаттарынын кыймылдары, активдер, милдеттенмелер жана банктын капиталы жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

***№1-КРУБ*** формасы боюнча отчётту Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тапшырат. Мекемелердин тарамдары, кирешелер жана чыгымдар, негизги каражаттарынын кыймылдары, активдер, милдеттенмелер жана капитал жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

***№1-Микронасыя*** формасы боюнча банктык эмес финансылык-насыя мекемелери, Улуттук банктын күбөлүгүн алган жана донордук уюмдардын, жергиликтүү жана эл аралык финансылык уюмдардын менчик жана тартылган каражаттарынын эсебинен калкты микронасыялоону ишке ашырган эл аралык уюмдар отчёт беришет.

***№2-Насыя*** формасы боюнча насыяларды жана зайымдарды берүү менен алектенген төмөнкү финансылык-насыя уюмдары (банктардан башка): насыялык бирликтер, күрөөканалар, микрофинансылык уюмдар, адистештирилген финанслык-насыя мекемелери жана башкалар отчёт беришет.

***Депозиттер*** - бул белгиленген мөөнөткө же талап кылганга чейин банктарга же башка финансылык-насыя мекемелерине сактоого берилген компанияларга же жеке адамдарга тиешелүү болгон акча каражаттары жана баалуу кагаздар.

***Микронасыя*** - бул жеке жактарга же алар тарабынан түзүлгөн коомдоштуктарга микрофинансылык уюмдар тарабынан берилген акча каражаттары. Насыя келишимдери же зайымдын келишмдери, анан ичинде адамдардын топторунун субсидиардык жоопкерчилиги астында жолжоболоошturулат.

## IV. Коммерциялык эмес уюмдар

Бөлүм 7,7 миң уюмдардан алынган "Финансылык каражаттардын түшүүсү жана пайдаланылышы жөнүндө отчёт" ***№4-фин (коммерциялык эмес уюмдар)*** отчётунун маалыматтарын камтыйт. Төмөнкү коммерциялык эмес жана коомдук уюмдар (бирикмелер) отчёт беришет: коммерциялык ишмердиктин чөйрөсү боюнча саясий бирикмелер, профсоюздар, чыгармачылык, илимий-техникалык, дене тарбия-спорттук жана маданий-агартуучулук коомдук бирикмелер, социалдык коргоо бирикмеси (аялдардын, студенттердин, балдардын, ардагерлердин, майыптардын коому, кызыл крест жана кызыл жарым ай ж.б.), эс алуу жана көңүл ачуу, маданият жана спорт уюмдары, жогорку окуу жайлары, кондоминиумдар, өкүлчүлүк жана башка коммерциялык эмес уюмдар. Алардын финансылык каражаттарынын негизги булактары ыктыярдуу төгүмдөр жана кайыр садага, демөөрчүлүк жана гуманитардык жардам, менчиктен түшкөн кирешелер, өндүрүүнүн баасы же экономикалык мааниге ээ болбогон баалар боюнча азыктарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан түшкөн кирешелер саналат. Отчётто коммерциялык эмес уюмдардын жана коомдук уюмдардын алардын ишмердигине түздөн-түз тиешеси бар кирешелер жана чыгымдар чагылдырылат.

IV бөлүмдө ***коомдук бирикмелер жана уюмдар*** (5795 уюмдар) боюнча гана маалыматтар келтирилген, алардын коомдук ишмердикке түздөн-түз мамилеси бар кирешелери жана чыгымдары чагылдырылган.

# 3-тиркеме: Улуттук статистика комитетинин 2019-жыл үчүн басылмаларынын графиги

## Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2019-жылы чыгара турган басылмаларынын графиги

| | Мезгилдүүлүгү | Чыгаруу мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| ***Комплекстүү статистикалык басылмалар*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы жөнүндө" басылмасы | айлык | айдын 18-санына чейин, кварталдык-отчёттук айдан кийинки айдын 20-санына чейин |
| "Кыргыз Республикасы жана региондор" статистикалык бюллетени | кварталдык | отчёттук кварталдан кийинки айдын 3-декадасы |
| "Кыргызстан" кыскача статистикалык маалымдамасы | жылдык | апрель |
| "Кыргызстан цифраларда" жыйнагы | жылдык | июнь |
| "Кыргыз Республикасынын социалдык тенденциялары - 2013-2017" басылмасы | жылдык | декабрь |
| Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы | жылдык | декабрь |
| "Кыргызстандагы туризм 2014-2018" жыйнагы | жылдык | июль |
| "Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик 2014-2018" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| "Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялар менен ишканалардын ишмердиги - 2014-2018" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Улуттук эсептер статистикасы*** | | |
| "Кыргыз Республикасынын улуттук эсеби - 2013-2017" жыйнагы | жылдык | декабрь |
| ***Финансылар статистикасы*** | | |
| "Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын кирешесин калыптандыруу" статистикалык бюллетени | жылдык кварталдык | 5-июнь, отчёттук мезгилден кийинки 70-күнү |
| "Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын өз ара карыздарынын абалы" статистикалык бюллетени | жылдык кварталдык | |
| "Экономиканын реалдуу секторундагы ишканалардын товардык-материалдык баалуулуктарынын камсыздыгы" статистикалык бюллетени | жылдык кварталдык | |
| "Экономиканын финансы секторундагы ишканалардын ишмердиктеринин негизги көрсөткүчтөрү" статистикалык бюллетени | жылдык кварталдык | 22-апрель отчёттук мезгилден кийинки 50-күнү |
| "Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансылары - 2014-2018" жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Өнөр жай статистикасы*** | | |
| "Өнөр жай боюнча негизги экономикалык көрсөткүчтөр" статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 15-санына чейин |
| "2018-жылы Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын өнүгүүсүнүн негизги экономикалык көрсөткүчтөрү" статистикалык бюллетени (СО формасы боюнча) | жылдык | июль |
| "Продукциянын маанилүү түрлөрүнүн натуралай түрдөгү өндүрүшү" статистикалык бюллетени | жылдык | июль |
| "Кыргыз Республикасынын өнөр жайы - 2014-2018" жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Курулуш жана инвестиция статистикасы*** | | |
| "2018-жылдын инвестиция жана курулуш боюнча жылдык отчётту иштеп чыгуунун негизги жыйынтыктары" статистикалык бюллетени | жылдык | сентябрь |
| "Кыргыз Республикасынын инвестициялары - 2014-2018" жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Айыл чарба статистикасы*** | | |
| " Кыргыз Республикасынын аймагында мал чарба продуктуларынын негизги түрлөрүн өндүрүү" статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 9-күнү |
| "Түшүмдү жыйноо, күздүк өсүмдүктөрдү себүү, тоңдурманы айдоо" статистикалык бюллетени | 1-июлдан жылдын аягына чейин | отчёттук мезгилден кийинки айдын 9-күнү |

| | Мезгилдүүлүгү | Чыгаруу мөөнөттөрү |
|---|---|---|
| “2018-жылы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүнүн жыйналышы жөнүндө” статистикалык бюллетень | жылдык | январь |
| “Кыргыз Республикасынын областары жана районунда 2019-жылдын түшүмү үчүн айыл чарба өсүмдүктөрүнүн себүү аянттары” статистикалык бюллетени | жылдык | июль |
| “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы - 2014-2018” жыйнагы | жылдык | ноябрь |
| “Тоют өндүрүү жөнүндө отчёт” статистикалык бюллетени | жылдык | декабрь |
| “2018-жылдын башына карата малдардын жана үй канаттуулардын эсебинин жыйынтыгы” статистикалык бюллетени | жылдык | март |
| ***Керектөө рыногунун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн статистикасы*** | | |
| “Сооданын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги көрсөткүчтөрү” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 20-санына чейин |
| “Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу - 2014-2018” жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| “Кыргыз Республикасындагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялар 2014-2018” жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Баалардын статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасы боюнча товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын индекси” статистикалык бюллетени | айлык | отчёттук мезгилден кийинки айдын 12-күнү |
| “Кыргыз Республикасындагы баалар” жыйнагы | жылдык<br>кварталдык | март<br>отчёттук мезгилден кийинки 45-күнү |
| “КМШнын айрым өлкөлөрүндөгү өнөр жай продукциясынын негизги түрлөрүнө өндүрүүчүлөрдүн баалары” статистикалык бюллетени | кварталдык | отчёттук мезгилден кийинки 30-күнү |
| ***Эмгек жана иш менен камсыз кылуу статистикасы*** | | |
| “Жумушчулардын саны жана эмгек акысы боюнча жылдык отчеттордун жыйынтыктары” статистикалык бюллетени | жылдык | сентябрь |
| “Жумуштуулук жана жумушсуздук” 2018-жылы үй чарбанын жана жумушчу күчүнүн бюджеттеринин интеграцияланган изилдөөсүнүн жыйынтыгы | жылдык | октябрь |
| ***Тандап изилдөө статистикасы*** | | |
| Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздук жана жакырчылык боюнча маалыматтык бюллетени | кварталдык | отчёттук мезгилден кийинки 50-күнү |
| “Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли - 2014-2018” жыйнагы | жылдык | ноябрь |
| ***Тышкы экономикалык ишмердик статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы - 2014-2018” жыйнагы | жылдык | октябрь |
| ***Демографиялык статистика*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы - 2014-2018” жыйнагы | жылдык | сентябрь |
| ***Социалдык статистика*** | | |
| “Кыргыз Республикасындагы аялдар жана эркектер” жыйнагы | жылдык | ноябрь |
| ***Айлана-чөйрө статистикасы*** | | |
| “Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөсү анын ичинде Ыссык-Көл аймагынын экологиялык абалын коргоо” статистикалык бюллетени | жылдык | август |
| “Кыргыз Республикасындагы айлана-чөйрө” жыйнагы | жылдык | сентябрь |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети, www.stat.kg**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИШКАНАЛАРЫНЫН ФИНАНСЫСЫ 2013-2017

Статистикалык жыйнак

Чыгарууга жооптуулар:
Ч. Абдрахманова

Тел.: +996(312) 626073
+996(312) 625591

2018-жылдын сентябрында басып чыгарууга кол коюлду

Формат А4 60x84 1/8
Офсеттик басу
Тираж 25 нуска
Көлөм 27 б.б.
Заказ №

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин
Башкы эсептөө борборунун
полиграфиялык иштер бөлүмү